КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫ

БИРИККЕН УЛУТТАР УЮМУ
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

75 UNIVERSAL DECLARATION OF HUMAN RIGHTS
DIGNITY, FREEDOM & JUSTICE FOR ALL

25 UN DECLARATION ON HUMAN RIGHTS DEFENDERS
IN SOLIDARITY & HOPE

ЭЧ КИМДИ АРТТА КАЛТЫРБОО!



# КАТАЛОГ

Бишкек 2023

## «БИР ДҮЙНӨ – КЫРГЫЗСТАН-2023» АДАМ УКУКТАРЫ БОЮНЧА ДАРЕКТҮҮ ТАСМАЛАРДЫН XVII ЭЛ АРАЛЫК ФЕСТИВАЛЫ

Фестиваль БУУнун Адам укуктары жөнүндө жалпы декларациясынын 75 жылдыгына жана Укук коргоочулар жөнүндө Декларациянын кабыл алынышынын 25 жылдыгына арналат

Адам укуктары боюнча даректүү тасмалардын XVII эл аралык фестивалы БУУнун адам укуктарынын жалпы декларациясынын кабыл алынгандыгынын 75 жылдыгына жана укук коргоочулар жөнүндө декларациянын кабыл алынгандыгынын 25 жылдыгына, ошондой эле, Орхус Конвенциясынын 25 жылдыгына арналды. Уюштуруу комитети өнөктөштөр менен биргеликте: https://www.youtube.com/watch?v=PkcyuNrV1ZQ видеосун даярдашты.

17-фестиваль өтө оор шарттарда өттү. 2023-жылы КР демократиянын индекси боюнча репрессивдүү өлкөлөрдүн деңгээлине түштү. Март айында Freedom House (FH) эл аралык уюмунун ар жыл сайын даярдалган «**Дүйнөдөгү тынчтык– 2023**» баяндамасында үчүнчү жыл катары менен Кыргызстанды «эркин эмес» мамлекет деп тааныды. Анын баалоосу боюнча, өлкөдө саясий укуктар чектелет, ал эми ЖМК кысымга алынып турат.
«Репортеры без границ» уюмунун басма сөз боюнча рейтингинде Кыргызстан 2023-жылы өткөн жылга салыштырмалуу дароо 50 позицияга төмөн түшүп, 122-орунду ээледи.
Сөз эркиндиги, ойду билдирүү эркиндиги тынымсыз мамлекеттик кысым көрсөтүүнүн жана көзөмөлдүн астында турат. Кылмыш-жазык мыйзамдарынын өзгөрүшү ал тургай блогерлер менен активисттерди дагы ооздуктап, сотсуз жана тергөөсүз жабык мекемелерде кармоого мүмкүнчүлүк түздү. Жарандардын маалыматтын жеткиликтүүлүгүнө жана коомдук-саясий турмушка бирдей катышуусуна фундаменталдык укуктары жарандарга иш жүзүндө өздөрүнүн конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин жүзөгө ашыруусуна мүмкүнчүлүк бербей, кагаз жүзүндө калды.
Парламенттин депутаты Нарматова Н.А. баштаган депутаттар тобунун Конституцияга каршы демилгелери Европарламент тарабынан берилген КР Парламентинин статусуна жарандардын ишенимин төмөндөттү.
https://rus.azattyk.org/a/25327745.html

Кыргызстан Civicus Monitor рейтингинде[1] 100 упайдын 40 упайын гана алып, жарым-жартылай жабык мейкиндиктеги өлкөлөрдүн категориясынан репрессивдик өлкөлөрдүн категориясына кирди.

[1] https://monitor.civicus.org/

***Биригүүлөр эркиндигине укуктарды коргоо***: КР ичинде, ошол эле учурда эл аралык уюмдардын деңгээлинде эдвокаси өнөктүктөрүнөн кийин биригүүлөр эркиндигине жарандардын конституциялык укуктары ишмердүүлүгүн коргоо максатында «Бир Дүйнө Кыргызстан» УК КБ КР Конституциялык сотуна - «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамынын 17-беренесинин 2-3-пункттарынын КР Конституциясынын 2, (2-бөлүгү), 8 (1-бөлүгү), 23 (1,2 3, 4, 5-бөлүктөрү), 32 (1, 2-бөлүктөрү), 36-беренелерине каршы  келе тургандыгын таануу жөнүндө кайрылуу жолдоду. Бул өзгөрүүлөр коммерциялык эмес уюмдун кирешесинин өлчөмдөрү жана түзүмдөрү боюнча маселелерге байланыштуу, ошондой эле,  мүлкүнүн курамы жана өлчөмү, чыгымдары боюнча маалыматтар коммерциялык сырдын предмети боло албайт жана коммерциялык уюм жыл сайын 1-апрелге чейин ыйгарым укуктуу салык органынын сайтына түшкөн акча каражаттарынын булактары, алардын чыгымдалышы, ошондой эле, алынган, пайдаланылган жана ажыратылган мүлктөрү жөнүндө мурдагы жыл менен салыштырылып жайгаштырылышы керек. БДК тарабынан бул өзгөрүүлөр КР Конституциясына жана Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык Пактка ылайык келбегендиги эске салынды. «Биригүүлөр эркиндиги укугу, сөз эркиндигине укук Конституция менен менен бекемделген, ал укуктук демократиялуу мамлекеттин негизин түзөт. Өзгөрүүлөрдү, киргизүү БӨУна карата теңчилик жана адилеттик принциптерине карама-каршы турат жана КР Салык Кодексине карама-каршы келет».

2023-жылдын 7-июнунда Конституциялык сот «БӨУ жөнүндө» КР мыйзамына бул нормалар каршы келбей тургандыгын тааныды. Бирок, ошол эле убакта КР Министрлер кабинетине салык органына БӨУ маалыматтарын тапшыруу тартибин жөнгө салууну жана бул маалыматты тапшыруу жаатында жана аны салык кызматынын сайтында жайгаштырууда юридикалык жактардын бирдей эмес жагдайына алып келген нормаларды жокко чыгарууну тапшырды. Сотто мыйзам чыгаруучунун бардык коомдук уюмдардын отчеттуулук сферасын укуктук жөнгө салууда бирдиктүү мамилени карманууcу зарылдыгы белгиленди.

Ошондой эле, «Бир Дүйнө» Кыргызстандын жаңы өкмөтүн жарандардын фундаменталдык укуктарын жана биригүүлөргө эркиндигин жок кылган Россия Федерациясынын трагедиялуу тажрыйбасын эстен чыгарбоону эскерткен айтылуу юрист Кирилл Коротеевдин 2023-жылдын 19-майында  №6-7100/23 Жогорку Кеңешке киргизилген  «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө («Кыргыз Республикасынын Кылмыш кодексине» жана «Коммерциялык эмес уюмдар» филиалдар (өкүлчүлүктөр) жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоору боюнча корутундусуна көңүл буруууга чакырат.

Көз карандысыз жарандык коом уюмдарына (медиа, БӨУ жана башка уюмдар) системалуу куру жалаа жабуу жарандардын аракеттеги бийликке болгон ишенимди жоготууга гана алып келбестен, Туруктуу Өнүгүү Максаттарынын алкагында, 1,3, 5, 16, 17-максаттарды камтуу менен өлкөнүн туруктуу өнүгүшүнө негативдүү таасир эткен РФ, Белорусия жана БА өлкөлөрүндөгүдөй акыбалга жакындатып олтурат.
«Бир Дүйнө» ошондой эле алдоонун диктатуралык ыкмаларын колдонбоосун сунуштайт.[1]

***Тилектештиктин өнөктөштүк тармактары аркылуу Борбор Азияда адам укуктарын жана эркиндиктерин илгерилетүү***
БӨУ үчүн укуктук чектөөлөрдү жана кошумча бөгөттөрдү киргизүүгө багытталган мыйзам долбоорлорун демилгелөө эл аралык эксперттер тарабынан Борбор Азия регионунда сөз жана ойду билдирүү эркиндиктери фундаменталдык жана демократиялык принциптерин коргоо жана илгерилетүү процесстерине бийликтин репрессивдик механизмдеринин бири катары каралат.

2023-жылдын 28-29-августунда Жарандык Платформа Тилектештигинин мүчөлөрүн камтуу менен 200дөн ашуун эксперттер катышкан Алматыда Германия ТИМ, Адам укуктары боюнча Казакстан эл аралык бюросу (АУБКЭБ), «Бир Дүйнө-Кыргызстан» УК КБ, «Кадир Касиет» КБ көмөгү менен «Евразиядагы бурулуш учурлар: Борбор Азиядагы геосаясат, экономика жана жарандык коомчулук – учурдагы абал жана келечек перспективалары» аталышындагы адам укуктары жаатында эки күндүк эл аралык конференция болуп өттү. Заманбап дүйнө климаттын өзгөрүүсүнөн жана коронавирус пандемиясынан баштап Украинага каршы Россиянын агрессивдүү согушунун жыйынтыгында дүйнөлүк архитектуранын начарлоосуна коопсуздук келтирүүгө чейинки адамзатка карата экзистенциалдык коркунучтарга дуушар болууда. Мунун баарысы фундаменталдык принциптерге жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга, адам укуктарынын концепциясынын өзүнө реалдуу коркунуч келтирүүдө. Буга карата эмне кылуу керек жана кантип каршы туруу керек? – бул суроолорго аталган конференциянын катышуучулары жооп табууга аракет кылышты. Жыйынтыктоочу корутунду БДК сайтында шилтеме аркылуу.[2]

[1] https://ru.wikipedia.org/wiki/Диктаторы_обмана

[2] http://www.birduino.kg/pressaru/deklaracziya-almatinskoj-konferenczii

2023-жылдын 9-октябрында «Бир Дүйнө-Кыргызстан» укук коргоо кыймылынын демилгеси менен ЕККУнун адам укуктары жана демократиялык институттар боюнча Бюросунун жыл сайын өтүүчү эл аралык отурумунда ЕККУ өлкөлөрүнүн жана Европалык биримдиктин деңгээлинде аккредитацияланган дипломатиялык миссияларын, эл аралык уюмдардын өкүлдөрүн, юристтерди, медиа-адистерди, укук коргоочуларды жана региондогу алдыңкы эксперттерди тартуу менен тегерек үстөл форматында «Адамзаттык чен-өлчөм: Борбор Азиядагы мыйзам үстөмдүгү жана адам укуктарына байланыштуу кырдаал» аталышындагы көп тараптуу эксперттик сайт-ивент өткөрүлдү.

**Сайд-ивенттин негизги максаттары жана милдеттери:**

- Борбор Азия регионундагы демократия, мыйзам үстөмдүгү жана негизги укуктарды жана эркиндиктерди сактоо жаатындагы кырдаал;
- Украинадагы согуш контекстинде деколонизация маселелери;
- Кырсыктар жана тобокелдиктер шарттарында жашаган адамдардын алдында бизнестин отчеттуулугу жана ачык-айкындыгы;
- Борбор Азия регионундагы жоопкерсиздик маселеси;

Сайд-ивентте өзгөчө көңүл адам укуктарына байланыштуу кырдаалды жакшыртуу боюнча сунуштамаларды жана аларды чечүү жолдорун даярдоого, эл аралык гуманитардык укук нормаларын эске алуу менен гендердик теңчиликти жана басмырлабоо принциптерин илгерилетүүгө көңүл бурулду.

19-октябрда Бишкекте Борбор Азия үчүн БУУ АУЖКБ регионалдык бөлүмүнүн колдоосунун алдында «УМО Инфо» (UPR Info) эл аралык бейөкмөт уюмунун өлкөлүк программасы жана «Бир Дүйнө-Кыргызстан» УК бейөкмөт уюму эл аралык уюмдардын жана дипломатиялык жамааттардын өкүлдөрү үчүн Универсалдуу мезгилдик обзорго (УМО) сунуштамаларды жүзөгө ашыруу боюнча орто мөөнөттүү брифинг уюштурушту.
Интерактивдүү сессиялардын жүрүшүндө жергиликтүү укук коргоочулар, Кыргыз Республикасынын Омбудсмен Институту жана КР Кыйноолорду алдын алуу боюнча улуттук борбору 2020-жылдагы УМОнун 3-циклинин алкагында Кыргыз Республикасына даректелген сунуштамаларды жүзөгө ашыруу боюнча өз корутундулары менен бөлүшүштү. Альтернативдүү УМОнун 4-циклине биргелешип даярдык көрүү боюнча иштер жүрүүдө.

Кыйноолордон жабыркагандарды коргоо боюнча эдвокаси иш эл аралык деңгээлде жүргүзүлөт, адам укуктары боюнча БУУ Комитетине индивидуалдуу даттануулар, Кыйноолор боюнча атайын баяндамачыга арыздар жөнөтүлөт, ошондой эле, «Кыйноолорду алдын алуу боюнча жумушчу топ» Civic Solidarity Platform менен биргеликте Кыргызстан боюнча кыйноолорго тыюу салуу Индексин даярдоого, «Кыйноолорду алдын алуу боюнча обзорго», ошондой эле, кыйноолорго чыдамдуулук деңгээлине байланыштуу жарандарга сурамжылоо жүргүзүүгө катышат.[1]
Индекстин жана сурамжылоолордун жыйынтыгы 2023-жылы Варшавада ЕККУнун Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча бюросунда Адамзаттык Чен-өлчөм боюнча конференциясында презентацияланды.

13 жылдан бери «Бир Дүйнө-Кыргызстан» тилектештик жана өнөктөштүк тармагы менен биргеликте абийир туткуну Азимжан Аскаровдун укуктарын коргоо боюнча анын жесири Хадича Аскарова менен чогуу күрөшүп келет.[2] Укук коргоочулар 2021-жылдын жайында Президент Садыр Жапаровго 2010-жылдагы Кыргызстандын түштүгүндөгү улут аралык чыр-чатактын бир жылдыгына байланыштуу кайрылышып, адам укуктары боюнча БУУ Комитетинин Түшүндүрмөлөрүн аткаруунун маанилүүлүгүн: көзү өткөндөн кийин анын үй-бүлөсүнө компенсация берүүнү чечүүнү эскертишкен.[3]

2023-жылдагы фестивалдык программа 27-ноябрдан 1-декабрга чейин өтүп, шаарлар менен аймактардын ортосундагы олуттуу ажырымды азайтуу менен аймактардын добуштарын, жергиликтүүдөн глобалдык деңгээлдерге чейин жамааттардын добуштарын илгерилетүүгө багытталган, ошол эле убакта Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 75 жылдыгын, БУУ, ЕБ жана ЕККУ жетекчилигин укук коргоочулардын укуктарын коргоо боюнча 25 жылдыгын жана Орхусс Конвенциясынын 25 жылдыгын белгилөө менен уюмдун жана өнөктөштөрдүн 2023-жылга карата ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгын чыгарды.

[1] http://www.birduino.kg/pressaru/pravam-cheloveka-tut-ne-mesto
[2] http://birduino.kg/pressaru/azimzhan-askarov-%E2%80%94-prodolzhaetsya-rabota-po-rassledovaniyu-ego-smerti-v-zaklyuchenii
[3] https://kloop.kg/blog/2021/06/04/pravozashhitniki-prosyat-prezidenta-zhaparova-posmertno-opravdat-azimzhana-askarova/
https://24.kg/vlast/282334_edil_baysalov_delo_azimjana_askarova_ostaetsya_bolnyim_voprosom_dlya_kyirgyizstana/

## Уюштуруучулар жана «Фестиваль-2023» өнөктөштөрү

**Уюштуруучу:** «Бир Дүйнө Кыргызстан» УК КБ

**Биргелешкен уюштуруучу:** Кыргыз Республикасындагы Акыйкатчы (Омбудсмен)


**Партнерлор:** Кыргызстандагы БУУ тутуму, БУУнун Адам укуктары боюнча Жогорку Комиссар башкармалыгы (УВКПЧ ООН), Youth for Human Rights International, Friedrich Ebert Stiftung, Equality Now, Women Learning Partnership, Movies that Matter, American University of Central Asia, Теңчилик үчүн Коалиция, Европалык Биримдиктин Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүгү, Форум Азия, Тазар кинокомпаниясы, Sigrid Rausing Trust, Ololo Creative Hubs, TV Academy, Shaman TV, Балдарды Коргоо Борбору.

# Балалыгыбыздын асманы

78 мин.

Режиссер **СУЙУМКАН СУЛАЙМАНОВА, ЖУМАНАЗАР КОЙЧУБЕКОВ**

**КЫРГЫЗСТАН, 2023**



«Балачагымдын асманы» - Бишкек шаарындагы абанын булганышы менен таатаалдашкан кырдаал жөнүндө документалдуу фильм. Фильм абанын булгануу булактардын изилдейт жана бул көйгөйдүн чечүү жолдорун табууга аракеттенет.

# Бизден көп

96 мин.

Режиссер **ФЛОР ВАССЁР**
**ИНДОНЕЗИЯ, БРАЗИЛИЯ, ГРЕЦИЯ, УГАНДА, ЛИВАН, МАЛАВИ, АКШ, 2021**

Голландиялык-индонезиялык экологиялык активистка Мелати (20 жашта) жаркын келечек үчүн иштеген жаш адамдарга жолугуп, саякатка жөнөйт. Малавиден Бразилияга чейин жана Ливандан жаш активисттер сөз эркиндиги, курчап турган чөйрөнү сактоо, качкындардын жана кыздардын укуктары, ошондой эле, билим берүүгө укук үчүн чыгышат.



# Нарын

15 мин.

Режиссер **НАЗГҮЛ ЧОРОЕВА**
**КЫРГЫЗСТАН, 2021**



Нарын дарыясынын мурдагы жана азыркы абалы, экологиялык маселелер жана аларды чечүү мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө тасма.

# Суу тамчысындагы өмүр

47 мин.

Режиссер **ФАРШИД АЗАРИ**
**ИРАН, 2022**

Тасмада ранчонун жапакеч кожоюну, жаратылышты жанындай көргөн Машта Хоссейндин өмүрү жөнүндө баяндалат. Оор шарттарга карабастан, Машт Хоссейн отуз жылдан ашуун убактысын жаныбарларды жана канаттууларды кургакчылыктан сакташ үчүн өтүүгө оор болгон жерлерде саякаттаган. Анын тынбаган аракети менен аймактар жаңы күч менен жанданган. Оор жолдорду басып өтүп чарчаган, бирок, өз ишине ыраазы болгон Машт Хоссейн жаныбарлар менен канаттуулардын кантип суусун кандырып жатышканын көрүп, ага кубануу менен карайт.



# Сыйкырдуу тоо

73 мин.

Режиссер **МАРИАМ ЧАЧИЯ, НИК ФОЙГТ**
**ГРУЗИЯ, ПОЛЬША, 2023**



Кургак учук оорусунан айыккандан бери Мариамдын түшүнө коркунучтуу түш кирчү болду. Ал түшүндө чер токойдун ортосунда бийик тоолордун үстүндө куулуп ташталгандар жашаган эски сарайда кармап турушканын дайыма көрөт. Имарат аябай чоң, бирок, анын тургундарын коомчулук сүрүп таштаган. Бир жолу Мариам өзүндөгү коркунучту жеңүү үчүн жашыруун коом менен жолугушууга жөнөйт. Кургак учук оорусу менен ооруган Абастумани менен дос болуп, анын оорусун жана кубанычын бөлүшүп, Мариам акыр аягында өз коркунучун жеңет.

## Атайын көрсөтүү: Алишер Саиповдун өлтүрүлүшү. Ачылбаган фактылар

38 мин.

Режиссер **АДИЛЬ ТУРДУКУЛОВ**
**КЫРГЫЗСТАН, 2023**



24-октябрь, 2007-жылы Ош шаарында белгилүү кыргыз журналисти Алишер Саипов өлтүрүлгөн. Аны өлтүрүүгө буйрутма бергендер, аны аткаргандар дагы аны эмдигиче табыша элек. Журналисттик иликтөөдө мурда эч жерде айтылбаган кылмыш ишиндеги фактылар жана жагдайлар тууралуу кеп болот.

# Анын ысымы Ракия

16 мин.

Режиссер **ЭЛИНА ЛИХОДАЕВА**
**КЫРГЫЗСТАН, 2023**



Ракия Шершенова өмүрүнүн 63 жылын улуттук кинематографка арнаган. Ал өз тажрыйбасы менен аял катары бөлүшөт – режиссердун ассистентинен режиссерго жана жогорку категориядагы монтажерго чейин жолду басып өтүп, 30дан ашуун тасмага продюсерлик кылган. Ал согуштан кийинки оор жылдардагы кыштакта өткөн балалыгындагы карапайым турмушу, кыргыз кинематограф жолунда аял катары көтөрүлүшүнүн баскычтары тууралуу айтып берген.

# Шырылдаң

11 мин.

Режиссер **АЙГЕРИМ ЖОЛДОШБАЕВА**
**КЫРГЫЗСТАН, 2023**



Тагай ата менен Пайизбу апа 65-60 жаш куракка келгенче жылы бою жылкы багуу жана кымыз жасоо менен алектенишет. Алардын шаардан алыскы жерде токой арасындагы жайлоодо жашашкандарына 10 жылдан ашты. Алар мээнеттүү жашоолоруна ырахаттанып, өздөрүнүн өмүрүн жана ден соолугун жумушка арнашты. Тагай ата жылкылардын тилин жакшы билет, ал эми Пайизбу апа кымызды жасоону мыкты өздөштүргөн.

# Галина Петровна

17 мин.

Режиссер **НИКИТА ЛОВЕЦКИЙ**
**КЫРГЫЗСТАН, 2023**

Бир нече жылдан бери Галина Петровна айылдагы үйүнүн короосунан чыга элек. Бишкектин Маевка айылында жашайт. Анын ыңгайлуу, көк түстүү, балык гирляндалар менен коздолгон үйү бар, жалгыз жашаган чоң эне Галина мындан он беш жыл мурда каза тапкан күйөөсү тууралуу айтып берет. Күн сайын ал үйүндө алектенип, чакан ишкерлик кылат.



# Стипендия

12 мин.

Режиссер **ЫРЫСКЕЛДИ АРТЕЛБЕКОВ**
**КЫРГЫЗСТАН, 2023**

24 жылдан бери карылар үйүндө жашаган бир аялдын окуясы. Өз кызы студент, жолдун узактыгына карабай жума сайын келип турат. Тасмада карылар үйүндөгү адамдардын жашоосу сүрөттөлөт.



# Каалгалар

14 мин.

Режиссер **ЖАНЫЛ УМУРАЛИЕВА**

**КЫРГЫЗСТАН, 2022**



Күн сайын адам ондогон каалгадан кирип чыгат. Алардын айрымдарында ал өзүнүн жан дүйнөсүн ачат, айрымдарынан качууга умтулат. Бирок, ал эч качан бул жолу кандай окуяга туш болорун билбейт.

# Чымчыктар сайрашат

15 мин.

Режиссер **ТӨЛӨМҮШ ЖАНЫБЕКОВ**
**КЫРГЫЗСТАН, 2022**

Кичинекей айылда эки бир тууган жашайт. Улуу агасына сыртка чыгуу кыйын. Ага кам көргөн жалгыз адам-иниси, ал күн сайын кошумча жумуш издеп айылдын борборуна чыгат. Бири - бири менен жолугушуу, эки бир туугандын жашоосундагы негизги окуя.



# Почточу

25 мин.

Режиссер **ИБАДЫЛЛА АДЖИБАЕВ**
**КЫРГЫЗСТАН, 2022**



Почточунун жумуш күнү өтө оор, түйшүккө жана жоопкерчиликке толгон. Ал ар дайым айылдаштарына пенсия жана жөлөк пулдарды таратышы керек. Андан кийин Тажикстандын чек арасында жайгашкан коңшулаш Дейне айылына чейин жетүү үчүн бир нече чакырым жолду жөө басып өтүшү зарыл. Кардарлардын жетишсиздигинен ал эки кыштакта күндүн ысык-суугуна, жаан-чачынга карабастан иштеши зарыл.

# Тез жардам

24 мин.

Режиссер **АБДУЛАЛИМ МАМАДАЛИЕВ**
**КЫРГЫЗСТАН, 2023**

Адам сыркоолоп, ооруп калганда биринчи кезекте тез жардам кызматын чакырат. Тез жардам чакырыкка токтоосуз жетет. Бирок, бул жолку жеткирүү медициналык кызматкерлер үчүн жаңы сыноо болуп калды. Тасма пандемиянын күчөгөн мезгилинде, каргашалуу июлда тартылган. Монтаждалгандан кийин дагы тасманы ТВда көрсөтүүгө тыюу салынган.



# Мигранттардын театры

17 мин.

Режиссер **ДАСТАН МАДАЛБЕКОВ**
**КЫРГЫЗСТАН, 2023**



2018-жылы Москвада кассир болуп иштеген Айнаш эже уникалдуу долбоор жазат. Бул жумушчу мигранттардын театры. Бармен, курулушчу жана башка биздин таланттуу мекендештер идеяны колдошот жана чакан жамаат түзүлөт. Даректүү тасма төрт жыл бою өздөрүнүн имарат жайы жок болсо дагы чогулуп, улуттук тилде классикалык чыгармаларды дагы коё алышкандыгын көрсөтөт.

# Медик

24 мин.

Режиссер **АЛИЖАН НАСИРОВ**
**КЫРГЫЗСТАН, 2023**

Тасмада бир дагы врач иштөөгө макул болбогон катаал климаттык шарттагы өрөөндө иштөөнү чечкен 22 жаш курактагы врач жөнүндө айтылат.



# Мухамед

24 мин.

Режиссер **СЫЙМЫК САМАТОВ**
**КЫРГЫЗСТАН, 2023**

Режиссёр бир нече жыл бою дээрлик Дордойдо жашаган өспүрүмдү тарткан.



# Атайын көрсөтүү: Аталышы жок

13 мин.

Режиссер **СУЙУМКАН СУЛАЙМАНОВА**
**КЫРГЫЗСТАН, 2023**

Тасмада муундан муунга базарда жана экономиканын формалдуу эмес секторунда иштеген эмгекчилердин кардарларына жана базарга соода кылуу үчүн барган адамдарга байкала бербеген адамдардын турмушунун бир күнүн сүрөттөп берет.



# Азамат

14 мин.

Режиссер **НАЗГУЛЬ ДОЛОТКЕЛЬДИЕВА**
**КЫРГЫЗСТАН, 2023**

Жыл сайын жумушка кеткен, кесибин сүйгөн, ал жөнүндө көп ойлонгон, кыялданган азиз радио алып баруучу Азамат Бердияров тууралуу тасма.



# Атайын көрсөтүү: Нан бөлгүч

30 мин.

Продюсер **ИГОР КОБРИН**
**УКРАИНА, 2008**



«Нан бөлгүч» тасмасы 1932-1933-жылдардагы Украинадагы Ачарчылыктын 75 жылдыгына карата арналган. Даректүү материалда жаңы тарыхтагы бул үрөйдү учурган көрүнүштүн себептери, жүрүшү жана масштабы жөнүндө чагылдырылат. Тасманын аталышы В.И. Ленин тарабынан уюштурулуп, большевиктерди жетимиш жыл бою баш көтөртпөй басып турган террордук-ачарчылык формуласын чагылдырат. Бул формула украин элин али күнчө кесепеттери жоюла элек кейиштүү социалдык жана гуманитардык кыйроого алып келген.

# Кийинкиси ким?

60 мин.

Режиссер **НУРЖАМАЛ КАРАМОЛДОЕВА, СУЛТАН УСУВАЛИЕВ**

**КЫРГЫЗСТАН, 2023**

Тасмада кыз ала качуу кандай кесепеттерге алып келе турганы жана анын эмне үчүн кылмыштуу иш экени көрсөтүлгөн. Тасмада ал жөн гана анализденип берилбестен, Айзаданын апасы – Назгүл Шакенованын кейиштүү окуясы чагылдырылат. Тасманын маанилүү темаларынын бири - ишти тергөөдөгү шалаакылык. Ишке шалаакы мамиле кылуу боюнча иш 2021-жылдын апрель айында башталган, али күнгө чейин териштирилип бүтө элек. Тасмада көрүүчүлөрдү түйшөлткөн «Кийинки ким болот?» деген суроого жооп изделет.



# От менен жазуу

90 мин.

Режиссер **САШМИТ ГОШ, РИНТУ ТОМАС**
**ИНДИЯ, АВСТРИЯ, 2021**



Далиттердин санынан жалаң аялдар иштеген «Хабар Lahariya» гезитинин аялдар жамаатынын көз карандысыздыгын жана каармандыгын чагылдырат. Журналист аялдар Меера, Сунита жана Шьямкали каршылыктарга, күмөн саноолорго жана багындыруучулук мамилелерге каршы турушат, себеби, алар Индиядагы жаңылыктарды феминизм жана далиттер позициясынан чагылдырып беришет. Далиттер Индиянын касталык системасынан чыгарылган жана айрыкча, далиттерден турган аялдар кеңири таралган зомбулук жана басмырлоонун курмандыгы болушат.

# Атайын көрсөтүү: ШАГ. БАМ. SAC

10 мин.

Режиссер **АЛЕКСАНДРА СЕРГАЗИНОВА**
**КАЗАХСТАН, 2023**



Тасма мамлекеттик иштерге катышууда өз укуктарын активдүү жүзөгө ашырышкан аялдардын ийгиликтүү окуяларына негизделген. Аталышы «ШАГ. БАМ. SAC» – бул активдүү жарандар мектеби. «Демилге 33» - аялдар демилгеси 2023-жылдын мартында «Адам укуктары фокусу: аялдар жана балдар» («Кадір-касиет» КБ жана USAID) долбоорунун алкагында мамлекеттик иштерге катышуу укугу боюнча Казакстан аялдары үчүн тренингдер сериясынан кийин уюшулган.

# Кайраттуу айымдар

90 мин.

Режиссер **АННА СОМЕРШАФ**

**ИЗРАИЛЬ, 2021**

Аялдар үчүн Израилдин ультраортодоксалдык саясий партияларынын ачылышы үчүн кыймылдын ичинде беш жыл. Активисткалар Эсти Шушан жана Эсти Ридер Индурски аялдарды жектөөгө жана түркөйлүккө каршы тынымсыз күрөшүшөт. Жеңил эмес күрөш жөнүндө эргүү берүүчү аңгеме.



# Согуш мезгилиндеги жазуулар

90 мин.

Режиссер **БАРБАРА КУПИСТИ**
**ИТАЛИЯ, 2023**




Тасмада Украинадагы чыр-чатактын эмоционалдык эпицентрине баруу зарылдыгы менен чакырылган режиссердун саякаты чагылдырылат. Тасма Варшавадан башталат, Львов жана Одесса шаарларынан кесилишет, ошондой эле, Украинанын унутта калган райондорун басып өтүп, аягында Киевге, Ирпеняга, Бучиге жана Бородянкиге жетет.

## Эл аралык эксперттер



### Александра Сергазинова

Александра Сергазинова, «Тобол инфо» маалымат агенттигинин редактору, «Костанай медиа» ЖЧЖ директорлор кеңешинин мүчөсү, РК урналисттер союзунун мүчөсү, Казакстан Республикасынын Костанай облустук маслихатынын 8-чакырылышынын депутаты.

«Бир Дүйнө Кыргызстан-2023» фестивалынын ишине активдүү катышып, фестивалдын эксперттери жана меймандары менен практикалык тажрыйбаларын, билимдерин бөлүшүүсү менен салым кошо алды.




### Анастасия Примов

Анастасия Примов – социалдык өзгөрүүлөр үчүн стратегиялык коммуникациялар боюнча адис, ал өзүнүн көп кырдуу ишин коммуникациянын ар кыл инструменттерин колдонуу менен адам укуктарын коргоо жаатында баштаган. Коррупция, үй-жайсыз балдарды коргоо жана гендердик зомбулукту болтурбоо маселелерине арналган толук метраждуу тасмаларды жараткан. Анастасия «Ажайып коррупция» толук метраждуу тасмасынын жана Молдовадагы «24 Front Line» деп аталган экстрендик жардам көрсөтүү кызматтары жөнүндө новатордук даректүү сериалдын продюсери. Мансаптык баскычтарынын бардык аралыгында маргиналдык топторду коргоо, алардын ичинде цыган балдарды активдүү коргон келген, бул анын басмырлоону алдын алуу жана теңчиликти камсыз кылуу боюнча революциялык улуттук стратегияны жаратуусунда негизги роль ойногон.

Анастасия Примов фестивалдын жүрүшүндө иш-чараны маалыматтык жактан камтууну кеңейтүү боюнча өзөктүү жана стратегиялык маанилүү сунуштамаларды берди, фестивалды андан ары өнүктүрүү боюнча өзүнүн көз караштарын билдирди.

# Эл аралык эксперттер



## Вячеслав Мамедов

Вячеслав Мамедов санариптик жана маалыматтык коопсуздук боюнча тренер, жарандык активист, Түркмөнстанда 10 жылдан ашуун убакыттан бери укук коргоочулук менен алектенет.

«Бир Дүйнө Кыргызстан-2023» фестивалынын учурундагы лабораториялардын алкагында электрондук маалыматтарды коргоо ыкмалары жөнүндө маалымдуулуктун деңгээлин жогорулатууга олуттуу салым кошту.



## Мариус Фоссум

Мариус Фоссум 2015-жылдан бери Борбор Азиядагы норвегиялык Хельсинки комитетинин регионалдык өкүлү. Мариус Алматыда (Казакстан) жайгашкан Борбор Азиядагы NHC эл аралык укук коргоо уюмунун кеңсесин жетектейт.

Мариус адам укуктары боюнча даректүү тасмаларды көрсөтүүгө активдүү катышты жана катышуучулар менен жеке бай тажрыйбасы менен бөлүштү.

# Эл аралык эксперттер

## Сара Имбарова
## жана Нуржан Смаилов

Шымкент шаарындагы Жарандык Ресурстук Борбордун жетекчиси, программаларды жана долбоорлорду иштеп чыгууну, жалпы жетектөөнү, БӨУ өнүктүрүү чөйрөсүндө изилдөөлөрдү жүргүзүүнү жана уюштурууну, коомдук көзөмөлдү илгерилетүүнү жүзөгө ашырат. Андан тышкары, **Сара Имбарова** – автомобиль жолдорун куруу инфратүзүмдүк долбоорлорунда гендердик аспектилерди, мамлекеттик сатып алууларды изилдөөчү, тренер, ошондой эле, иш-аракеттер планын иштеп чыгуу жана коомчулуктун муктаждыктарын баалоо прооцесстеринин фасилитатору.

**Нуржан Смаилов** даректүү кинонун профессионал фото жана видео оператору.

Фестиваль маалында Сара Имбарова жана Нуржан Смаилов бардык дискуссияларга активдүү катышышты, жеке практикалык тажрыйбалары, укук коргоо ишиндеги билимдери менен бөлүшүштү, ошондой эле, Казакстандын жарандык коомчулугунун атынан чыгып, «Бир Дүйнө» фестивалынын командасы үчүн андан аркы компоненттерди жакшыртуу боюнча олуттуу сунуштамаларды киргизишти.





## Фестивалдын салтанаттуу ачылыш аземи

Адам укуктары боюнча XVII даректүү тасмалардын эл аралык фестивалынын салтанаттуу ачылыш аземи 2023-жылдын 27-ноябрында Бишкектеги Avangard «Bellagio Premium» бизнес борборунда саат 18:00дөн 20:30га чейин болуп өттү.[1] Фестивалдын салтанаттуу ачылышына өкмөттүн, эл аралык жана жарандык коомчулуктун өкүлдөрү, эл аралык эксперттер жана режиссерлер, маданият жана искусство ишмерлери, телевидение, радио жана маалымат агенттиктеринин өкүлдөрү, ошондой эле, укук коргоочулар жана даректүү тасмаларды сүйүүчүлөр – жалпысы 150гө жакын мейман катышышты. Салтанаттын ачылышында Women Learning Partnership президенти Azza Karam айым видеокайрылуу менен саламын жолдоп, куттуктоосун айтты.
https://www.youtube.com/watch?v=sfoje0_v-iU

Ошондой эле, БУУ Адам укуктарынын жалпы декларациясынын кабыл алынгандыгынын 75 жылдыгына арналган маалыматтык видеоролик көрсөтүлдү.
https://www.youtube.com/watch?v=PkcyuNrV1ZQ



[1] https://fb.watch/p94e-d4uM2/

## Фестивалдын салтанаттуу ачылыш аземи

БУУнун «Эч кимди артта калтырбоо» принциптерин сактоо менен фестивалдын ачылыш салтанатынын программасында регионалдык лидерлердин катышуусуна өзгөчө көңүл бурулду. Ар бир облусутн өкүлдөрү эң негизги көйгөйлөрү менен кыскача бөлүшүшүп, аймактарды өнүктүрүү үчүн: үй-бүлөлүк зомбулукту алдын алуу жана кыскартуу үчүн күч-аракеттерди кантип бириктирүү керек, айылдардагы квалификациялуу психологдордун жетишсиздиги, чек ара жана миграциялык темалар, айыл жаштарынын жумуш ордулары менен камсыздалышы, кыргыз тилинин сакталышынын маанилүүлүгү, билим берүүдөгү көйгөйлөр, ошондой эле, аймактардагы кыйноолордон жана катаал мамилелерден жабыркагандарды коргоо, бийликтин бардык деңгээлдеринде жарандардын бирдей катышуусу маселелери жаатында сунуштамаларды беришти.

БУУ тутумунун Кыргыз Республикасындагы туруктуу координатору Антье Графе айым белгилеп өткөндөй, адам укуктарын сактоо жаатындагы региондордогу жамааттардын добуштары өтө мааинлүү.



## Фестивалдын салтанаттуу ачылыш аземи

Өз кезегинде, бийлик өкүлдөрү, атап айтканда, Министрлер Кабинетинин төрагасынын орун басары, адам укуктары боюнча координациялык кеңештин Төрагасы Байсалов Э.Ж. мырза, КР Жогорку Кеңшинин депутаты – Ашимова Д. А., экс-депутат Алтыбаева А.Т., жана башкалар активдүү катышып, чыгып сүйлөштү. Эл аралык уюмдардын жана элчиликтердин өкүлдөрү, Улзийсуурен Жамсран - БУУ Аялдар түзүмүнүн өкүлү-гендердик теңчилик боюнча өлкөнүн көрсөткүчү төмөндөсө, анда өлкөнүн өнүгүүсү 1,5-2 пайызга төмөндөйт. Ал бирдей кетет. Ошондой эле Жовтенко В. мырза - Украинанын Кыргызстандагы Өзгөчө жана Ыйгарым укуктуу өкүлү ж.б. коноктор ой-пикирлерин билдиришип, куттуктоо жолдошту.




Толук видео: Фестивалдын салтанаттуу ачылыш аземи: https://www.youtube.com/watch?v=HcEpgp1_Rp0

## Тасмалардын көрсөтүлүшү

Фестиваль тасмаларды көрүүнү каалагандардын бардыгы үчүн ачык болду, көрүүчүлөргө ар бир тасмадан кийин өздөрүнүн пикирлерин айтууга жана фестивалдын негизги компоненттери болуп саналган жарандык диалогду, баарлашуу маданиятын жана плюрализмди өнүктүрүү үчүн аларды түйшөлткөн маселелерди көтөрүп чыгууга мүмкүнчүлүк берилди. Фестивалдын тасмалары 28-30-ноябрь күндөрү OloloPlanet залында көрсөтүлдү. Фестивалдын программасына Франциядан, Индиядан, Швециядан, Чехиядан, Украинадан жана Кыргызстандан авторлордун 25 даректүү тасмасы киргизилген. Көрүүчүлөр фестивалда бардыгы болуп 16 улуттук жана 6 чет элдик тасманы көрө алышты.

Тасмалар актуалдуулугу, социалдык маселелердин ар түрдүүлүгү менен айырмаланып, Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 30 беренесине топтоштурулган. Ар бир тасма көрсөтүлүп бүткөндөн кийин салтка айлангандай даректүү тасмалардын авторлору жана алдыңкы эксперттер менен биргеликте көрүүчүлөр менен дискуссиялар өткөрүлдү.






## Тасмалардын көрсөтүлүшү

Тасмаларды көрсөтүү укук коргоочулардан тартып ЖМК өкүлдөрү, студенттер жана окуучулардан карылар үйлөрүндө жашагандарга, өзгөчө адамдарга чейин ар кыл көрүүчүлөргө даректелген. Дискуссиялар Германиядан, Украинадан, Молдовадан, Казакстандан келишкен эл аралык эксперттердин, ошондой эле, эл аралык жана улуттук тасмалардын режиссерлордун баалары менен коштолду.



https://www.youtube.com/watch?v=BL5s6KqtJC8





# Фестивалдын программасы

## 28-ноябрь, 2023

Адам укуктарынын жалпы Декларациясына арналган көрсөтүүлөр: 1. Теңчилик үчүн укук; 2. Дискриминацилоодон эркиндик; 3. Жашоого, эркиндикке жана жеке кол тийбестикке укук; 10. Бейтарап ачык соттук териштирүүлөргө укук; 19. Ынанымдар эркиндигине жана маалыматка укук; 20. Тынч жыйындарга жана ассоциацияларга эркиндик укугу; 25. Адекваттуу жашоо деңгээлине укук .

### ТАҢКЫ ПРОГРАММА

| | |
|---|---|
| 10:00-10:10 | Видео «**Адам укуктарынын жалпы декларациясы деген эмне?**» |
| 10:10-11:30 | «**Балалыгыбыздын асманы**», 78 мин., реж.: Суйумкан Сулайманова жана Жуманазар Койчубеков, Кыргызстан, 2023 |
| 11:30-11:45 | Талкуу |
| 11:45-13:20 | «**Бизден көп**», 96 мин., реж.: Флор Вассёр, Индонезия, Бразилия, Греция, Уганда, Ливан, Малави, АКШ, 2021 |
| 13:20-13:35 | Талкуу |
| 13:35-14:00 | Тыныгуу |

### КҮНДҮЗГҮ ПРОГРАММА

| | |
|---|---|
| 14:00-14:10 | Видео «**Адам укуктарынын жалпы декларациясы деген эмне?**» |
| 14:10-14:25 | «**Нарын**», 15 мин., реж.: Назгүл Чороева, Кыргызстан, 2022 |
| 14:25-14:40 | Талкуу |
| 14:45-15:30 | «**Суу тамчысындагы өмүр**», 47 мин., реж.: Фаршид Азари, Иран, 2022 |
| 15:30-15:45 | Талкуу |
| 15:45-17:00 | «**Сыйкырдуу тоо**», 73 мин., реж.: Мариам Чачия, Ник Фойгт, Грузия, Польша, 2023 |
| 17:00-17:15 | Талкуу |
| 17:15-17:55 | Атайын көрсөтүү «**Алишер Саиповдун өлтүрүлүшү. Ачылбаган фактылар**», 38 мин., реж.: Адиль Турдукулов, Кыргызстан, 2023 |
| 17:55-18:10 | Талкуу |

## 29-ноябрь, 2023

**Адам укуктарынын жалпы Декларациясына арналган көрсөтүүлөр**: 1. Теңчилик үчүн укук ; 2. Дискриминациялоодон эркиндик; 3. Жашоого, эркиндикке, жеке кол тийбестикке укук; 22. Социалдык жактан камсыз болууга укук; 24. Эс алууга жана бош убакытты өткөрүүгө укук; 25. Адекваттуу жашоо деңгээлине укук; 26. Билим алууга укук.

### «ЖИРӨӨ» ТАҢКЫ ПРОГРАММА

| | |
|---|---|
| 10:00-10:10 | Видео «**Адам укуктарынын жалпы декларациясы деген эмне?**» |
| 10:10-10:26 | «**Анын ысымы Ракия**», 16 мин., реж.: Элина Лиходаева, Кыргызстан, 2023 |
| 10:26-10:40 | Талкуу |
| 10:40-10:50 | «**Шырылдаң**», 11 мин., реж.: Айгерим Жолдошбаева, Кыргызстан, 2023 |
| 10:50-11:05 | Талкуу |
| 11:05-11:25 | «**Галина Петровна**», 17 мин., реж.: Никита Ловецкий, Кыргызстан, 2023 |
| 11:25-11:45 | Талкуу |
| 11:45-12:00 | «**Стипендия**», 12 мин., реж.: Ырыскелди Артелбеков, Кыргызстан, 2023 |
| 12:00-12:15 | Талкуу |
| 12:15-12:30 | «**Каалгалар**», 14 мин., реж: Жаныл Умуралиева, Кыргызстан, 2022 |
| 12:30-12:45 | Талкуу |
| 12:45-13:00 | «**Чымчыктар сайрашат**», 15 мин., реж: Төлөмүш Жаныбеков, Кыргызстан, 2022 |
| 13:00-13:15 | Талкуу |
| 13:15-14:00 | Тыныгуу |

## Фестивалдын программасы

# 29-ноябрь, 2023

Адам укуктарынын жалпы Декларациясына арналган көрсөтүүлөр: 1. Теңчилик үчүн укук; 2. Басмырлоодон эркин болуу; 3. Жашоого, эркиндикке, жеке кол тийбестикке укук; 4. Кулчулуктан эркин болуу; 13. Кайсы өлкөнү болбосун, анын ичинде өз өлкөсүн таштап кетүүгө жана өз өлкөсүнө кайтып келүүгө укук; 14. Башка өлкөлөрдөн баш калка издөө жана бул баш калкадан пайдалануу укугу; 15. Жарандыкты алууга жана аны өзгөртүүгө укук; 22. Социалдык жактан камсыз болууга укук; 23. Жумушту эркин тандоо жана кесип бирликтерине кирүү укугу; 24. Эс алууга жана бош убакытка укук; 25. Адекваттуу жашоо деңгээлине укук; 26. Билим алууга укук.

## КҮНДҮЗГҮ ПРОГРАММА

| | |
|---|---|
| 14:00-14:25 | «**Почточу**», 25 мин.,<br>реж.: Ибадылла Аджибаев,<br>Кыргызстан, 2023 |
| 14:25-14:40 | Талкуу |
| 14:40-15:05 | «**Тез жардам**», 24 мин.,<br>реж.: Абдулалим Мамадалиев,<br>Кыргызстан, 2023 |
| 15:05-15:20 | Талкуу |
| 15:20-15:35 | «**Мигранттардын театры**», 17 мин.,<br>реж.: Дастан Мадалбеков,<br>Кыргызстан, 2023 |
| 15:35-15:50 | Талкуу |
| 15:50-16:15 | «**Медик**», 24 мин.,<br>реж.: Алижан Насиров,<br>Кыргызстан, 2023 |
| 16:15-16:30 | Талкуу |
| 16:30-16:50 | «**Мухамед**», 20 мин.,<br>реж.: Сыймык Саматов,<br>Кыргызстан, 2023 |
| 16:50-17:05 | Талкуу |
| 17:05-17:20 | Атайын көрсөтүү «**Аталышы жок**», 13 мин.,<br>реж.: Суйумкан Сулайманова,<br>Кыргызстан, 2023 |
| 17:20-17:35 | Талкуу |
| 17:35-17:50 | «**Азамат**», 14 мин.,<br>реж: Назгуль Долоткельдиева,<br>Кыргызстан, 2023 |
| 17:50-18:05 | Талкуу |
| 18:05-18:35 | Атайын көрсөтүү «**Нан бөлгүч**», 30 мин.,<br>прод.: Игор Кобрин,<br>Украина, 2008 |
| 18:35-19:05 | Талкуу |

## Фестивалдын программасы

# 30-ноябрь, 2023

Адам укуктарынын жалпы Декларациясына арналган көрсөтүүлөр: 1. Теңчилик үчүн укук; 2. Дискриминацилоодон эркиндик; 3. Жашоого, эркиндикке жана жеке кол тийбестикке укук; 5. Кыйноолордон жана ар-намысты басмырлаган мамиледен эркин болуу; 6. Укук субъектүүлүгүн таануу укугу; 7. Мыйзам алдында бирдейлик укугу; 8. Компетенттүү соттор тарабынан укуктардын натыйжалуу калыбына келтирилишине укук; 9. Каалагандай камакка алуу, кармоо же куугунтуктоодон эркин болуу укугу; 10. Соттук териштирүүлөрдүн ачыктыгына жана бейтараптыгына укук; 16. Никеге туруу жана үй-бүлө куруу укугу; 18. Эркин ой жүгүртүүгө, ар-намыска жана дин тутууга болгон укук; 19. Ынанымдарга жана маалыматка эркиндик укугу; 20. Тынч жыйындарга жана ассоциацияларга эркиндик укугу; 21. Эркин шайлоолорго жана өлкөнү башкарууга катышууга укук; 22. Социалдык жактан камсыз болууга укук; 25. Адекваттуу жашоо деңгээлине укук; 26. Билим алууга укук; 28. Социалдык тартипке укук, мында аталган Декларацияда көрсөтүлгөн укуктар жана эркиндиктер толугу менен жүзөгө ашырылышы керек; 29. Инсандын эркин жана толук өнүгүшү мүмкүн болгон коомдун алдындагы милдеттер; 30. Жогоруда көрсөтүлгөн укуктарды жүзөгө ашырууда мамлекеттин же башка жактардын кийлигишүүсүнөн эркиндик.

## ТАҢКЫ ПРОГРАММА

| | |
|---|---|
| 10:00-10:10 | Видео «**Адам укуктарынын жалпы декларациясы деген эмне?**» |
| 10:10-11:10 | «**Кийинкиси ким?**», 60 мин., реж.: Нуржамал Карамолдоева, Султан Усувалиев, Кыргызстан, 2023 |
| 11:10-11:25 | Талкуу |
| 11:25-12:55 | «**От менен жазуу**», 90 мин., реж.: Сашмит Гош, Ринту Томас, Индия, Австрия, 2021 |
| 12:55-13:10 | Талкуу |
| 13:10-14:00 | Тыныгуу |

## КҮНДҮЗГҮ ПРОГРАММА

| | |
|---|---|
| 14:00-14:10 | Видео «**Адам укуктарынын жалпы декларациясы деген эмне?**» |
| 14:10-14:20 | Атайын көрсөтүү «**ШАГ. БАМ. SAC**», 10 мин., реж.: Александра Сергазинова, Казакстан, 2023 |
| 14:20-14:35 | Талкуу |
| 14:35-16:05 | «**Кайраттуу айымдар**», 90 мин., реж.: Анна Сомершаф, Израиль, 2021 |
| 16:05-16:20 | Талкуу |

# Фестивалдын программасы

**ФЕСТИВАЛДЫН КЕҢИРИ ПРОГРАММАСЫ:**

clck.ru/36dTQg

**ФЕСТИВАЛДЫН АЛКАГЫНДА ЛАБОРАТОРИЯЛАР:**

clck.ru/36dihY

**АДАМ УКУКТАРЫНЫН ЖАЛПЫ ДЕКЛАРАЦИЯСЫ:**


clck.ru/36H4br

# Тасмаларды баалоо жана жеңүүчү тасмаларды аныктоо

2023-жылдын 30-ноябрында тасмаларды финалдык баалоо жана фестивалдын жеңүүчүлөрүн аныктоо үчүн калыстардын отуруму болуп өттү. Номинациялар тасмалардын тематикалык топторуна ылайык иштелип чыккан. Документалисттер жогорку деңгээлдеги эмгектерди тапшырышкан жана номинанттар боюнча добуш берүү оңойго турган жок.

**Тасмалар төмөндөгүдөй критерийлер боюнча бааланды:**

1. «Фестиваль–2023» темасын чагылдырган мазмуну;
2. Теманын тереңдиги жана толук ачылып берилиши;
3. Сюжеттеги оригиналдуулук;
4. Режиссердук жана оператордук искусство (съемкалардын татаалдыгы, техникалык сапаты, монтаждоо искусствосу).



## Калыстар тобунун мүчөлөрү



### Адилет Каржоев

Кыргызстандык режиссер, сценарист, оператор, продюсер. Борбор Азиядагы америкалык университеттин (АУЦА) «Телекөрсөтүү, кино жана визуалдык искусство» департаментинин окутуучусу.




### Гэлия Певзнер

Москва мамлекеттик университетинин филология факультетинин бүтүрүүчүсү, Францияда 1991-жылдан бери жашайт, RFI эл аралык француз радиосунун журналисти, орус жана француз тилиндеги китептердин автору.



### Дальмира Тилепберген

Кинорежиссер, сценарист жана акын, кино жана адабият жаатында 20 жылдан ашуун тажрыйбасы бар. Москвада кинематография боюнча аспирантураны аяктагандан кийин ал Россияда жана Кыргызстанда көптөгөн даректүү жана кыска метраждуу тасмаларды тарткан. Мындан тышкары, ал NETPAC (азиалык кинолорду алдыга жылдыруу боюнча тармак) тармагынын, Россиянын режиссерлор гильдиясынын жана Кыргызстан кинематографисттер Союзунун мүчөсү.



### Илья Нузов

Адам укуктары боюнча Эл аралык федерациянын Чыгыш Европадагы жана Борбор Азиядагы тармагынын (FIDH) директору. Мурда өткөөл сот адилеттиги боюнча эл аралык борбордо юридикалык консультант, ошондой эле, адам укуктары жана гуманитардык укук боюнча Женева эл аралык академиясында окутуучу жана изилдөөчү болуп эмгектенип, укук магистри даражасын алган. Нью-Йорк адвокаттарынын Коллегиясынын мүчөсү.

## Калыстар тобунун мүчөлөрү



### Мариус Фоссум

Мариус Фоссум 2015-жылдан бери Борбор Азиядагы Норвегиялык Хельсинки комитетинин регионалдык өкүлү болуп саналат. Мариус Казакстандын Алматы шаарында жайгашкан Норвегиялык Хельсинки комитетинин борбор азиялык кеңсесинин башчысы, ал Борбор Азиядагы уюмдун укук коргоо ишмердүүлүгүн жетектейт.



### Мария Стразерс

Чыгыш Европадагы жана Борбор Азиядагы Amnesty International регионалдык кеңсесинин директору, региондогу иликтөөлөргө, өнөктүктөргө жана адвокацияга кураторлук кылат. 20 жылдан ашуун убакыттан бери адам укуктары жаатында жана жарандык коомду донордук каржылоо боюнча иш алып барат, эл аралык уюмдарда жана өкмөттө авторитардык чөйрөдөгү сөз эркиндиги жана адам укуктарын илгерилетүү ишинде чоң тажрыйбага ээ.



### Ритц Ли

Коомдук ишмер жана укук коргоочу. Азыркы учурда ал Balay Alternative Legal Advocates for Development in Mindanaw, Inc. (BALAOD Минданао) укуктук ресурстук борборунун аткаруучу директору. Аталган борбор Кагаян-де-Оро шарында, Минданаодо жайгашып, калктын жакыр катмары, айрыкча, Минданаодогу жалданып иштеген адамдар менен иш алып барат. Форум-Азия директорлор кеңешинин мүчөсү.

## «Фестиваль–2023» жабылуу аземи

2023-жылдын 1-декабры, саат 18.00, Бишкек шаары, Avangard «Bellagio Premium» бизнес борборунда фестивалдын салтанаттуу жабылышында жеңүүчүлөргө сыйлыктар тапшырылды. Салтанатты ыктыярчыларга, фестивалдын командасына, эл аралык меймандарга жана эксперттерге, 2023-жылкы фестивалды өткөрүүгө салым кошкондордун баардыгына абдан чоң ыраазычылыгын билдирүү менен, фестивалдын директору Толекан Исмаилова тарабынан жабылды.



Жабылуу аземинде «Фестиваль-2023түн» алкагында модераторлордун жана эксперттердин катышуусунда өткөрүлгөн жети инновациялык чеберканалар презентацияланды. Алар: «Адам укуктары ар бир адам үчүн» квиз найты, «Укук коргоочулар: бири бирибизден үйрөнөбүз», «Сексуалдык зомбулук жөнүндө ишти жүргүзүүдө юристтер үчүн тренинг», «БАдагы эмгек укуктары боюнча мониторингдик миссиянын жетинчи эл аралык конференциясы», «Саясаттагы аялдар позитивдүү өзгөрүүлөр үчүн», «Локалдыктан глобалдуура» принциби боюнча жергиликтүү жамааттардын добуштарын илгерилетүү жана потенциалын жогорулатуу улуттук диалогу».
Жеңүүчүлөр тогуз негизги номинация боюнча сыйланышты. Ар бир номинантка диплом жана Умай Эне статуэткалары ыйгарылды.

## «Фестиваль–2023» жабылуу аземи

Фестивалдын салтанаттуу жабылышы боюнча кеңири видео:
https://www.youtube.com/watch?v=6LyP4piZ6WM





## Фестивалдын номинациялары жана сыйлыктары

1. Баш байге
2. Мыкты  улуттук тасма номинациясы боюнча байге
3. Мыкты чет элдик тасма номинациясы боюнча байге
4. Социалдык, эмгектик, экономикалык жана маданий укуктар жөнүндө мыкты тасма номинациясы боюнча байге
5. Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө мыкты тасма номинациясы боюнча байге
6. Гендердик теңчилик боюнча мыкты тасма номинациясы боюнча байге
7. Климаттык өзгөрүүлөр боюнча мыкты тасма номинациясы боюнча байге
8. «Жирөө» конкурстук программасындагы мыкты тасма номинациясы боюнча байге
9. Калыстардын атайын байгеси



## Жеңүүчү тасмалар

«Бир Дүйнө Кыргызстан» XVII эл аралык фестивалынын **баш байгесин (Гран прини)** «Bigger Than Us» («Бизден коп») — даректүү тасмасы, Флора Вассер, сопродюсери Марион Котийяр Вассер жана Мелати Вийсендин сценарийи боюнча 2021-жылы тарткан тасмасы жеңип алды.






## Жеңүүчү тасмалар

**Мыкты улуттук тасма номинациясы боюнча байге** Нуржамал Карамолдоева менен Султан Усувалиевдин 2021-жылдын апрелиндеги Айзада Канатбекованын өлтүрүлүшү жөнүндөгү окуя баяндалган «Кийинки ким?» тасмасы үчүн ыйгарылды.





## Жеңүүчү тасмалар

**Фестивалдагы мыкты чет элдик тасма үчүн байгеге** "Wartime notes" («Согуш убагындагы жазуулар») тасмасы ээ болду, реж.: Барбара Каписти, Италия, 2023.






## Жеңүүчү тасмалар

**Климаттык өзгөрүүлөр боюнча мыкты тасма номинациясы боюнча байге** «Тамчы суудагы өмүр» ("Drops Give Life") тасмасы үчүн ыйгарылды, Фаршид Азари, Иран.





## Жеңүүчү тасмалар

**Социалдык, экономикалык жана маданий укуктар жөнүндө мыкты тасма номинациясы боюнча байге** «Медик» тасмасы үчүн ыйгарылды, Кыргызстан, 2023, Алижан Насиров.






# Жеңүүчү тасмалар

**Жарандык жана саясий укуктар боюнча мыкты тасма номинациясы боюнча байге** «Биздин балалыктын асманы» тасмасы үчүн ыйгарылды, Кыргызстан, 2023, Суюм Сулайманова жана Жуманазар Койчубеков.






## Жеңүүчү тасмалар

**Гендердик теңчилик боюнча мыкты тасма номинациясы боюнча байге** «Women of Valor» («Аялдын каармандыгы») тасмасы үчүн ыйгарылды, Anna Somershaf, Израиль.






## Жеңүүчү тасмалар

**«Жирөө» конкурстук программасынын мыкты тасмасы номинациясы боюнча байгеге** «Галина Петровна» тасмасы үчүн Никита Ловецкий ээ болду, Кыргызстан, 2023.






# Жеңүүчү тасмалар

**Калыстардын атайын сыйлыгын** Элина Ликходаева «Анын ысымы Ракия» тасмасы үчүн алды, Кыргызстан, 2023.






**Балдардын укуктарын коргоо жана илгерилетүү**

*Саясий, экономикалык, социалдык, техникалык, экологиялык жана башка укуктук түзүмдөр балдардын укуктарын жүзөгө ашыруудагы прогресске тоскоолдук кылат. Кыргызстан социалдык секторлорго канчалык инвестиция кылганы менен, чыгымдарды натыйжасыз башкаруу, бюджетти түзүү жана аткаруу балдар үчүн бул инвестициялардын натыйжасын төмөндөтөт. Климаттын өзгөрүшү жана стихиялуу кырсыктардын жогорку тобокелдиги жүргүзүлүп жаткан реформалар үчүн улам чоң кыйынчылыктарды жаратат.*[1]

«Бир Дүйнө – Кыргызстан» балдар укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүл, Улуттук тарыхый музей, «БУУ–Аялдар» түзүмү, BICE - Bureau International Catholique de l'Enfance, Women's Learning Partnership (WLP), ЮНЕСКО демилгелеринин алкагында балдарды коргоо борбору менен биргеликте илимдеги кыз-келиндердин эл аралык күнүнө жана билим берүүнүн эл аралык күнүнө арналган эки тасманы көрсөттү.[2]

Балдардын укуктарын коргоо жана илгерилетүүнүн алкагында «Бир Дүйнө», «Equality Now», «Позитивдүү диалог», Балдарды коргоо борбору менен өнөктөштүктө Женевадагы адам укуктары боюнча Комитеттин мүчөлөрүнөн консультация алышты, мында балдарды коргоо чөйрөсүндөгү кырдаалга жана маселелерге альтернативдик анализ көрсөтүлдү.[3] Ошондой эле, Кыргызстандын Улуттук отчетун талкуулоо бюонча консультацияларга активдүү катышышты. Балдар укуктары жөнүндө Конвенциянын Кыргызстанда ишке ашырылышы жөнүндө консультацига катышып, отчетко камтуу үчүн сунуштамаларды беришти.

[1] https://clck.ru/37piTs

[2] https://kaktus.media/doc/475840_skvoz_ternii_k_zvezdam._v_bishkeke_proshel_pokaz_filmov_o_pravah_jenshin_na_obrazovanie.html

[3] https://tbinternet.ohchr.org/_layouts/15/treatybodyexternal/Download.aspx?symbolno=INT%2FCRC%2FNGO%2FKGZ%2F50708&Lang=en

## Фестивалдын алкагындагы иш-чаралар

Кыргыз Республикасынын балдар укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Асель Чынбаева, «Терек» балдарга жардам берүү борборунун өнөктөш уюмдары, «Бир Дүйнө-Кыргызстан» УК тарабынан Каракол шаарында «Биздин балдар. Коопсуз чөйрө» социалдык форуму өткөрүлдү.[1]
Эксперттердин катышуусунда өткөн 12 семинарда форумдун катышуучулары зомбулукту алдын алуу, жабыркаган балдарга жана алардын үй-бүлөлөрүнө жардамдардын берилиши, сексуалдык зомбулукка жүргүзүлгөн комплекстүү экспертизанын өзгөчөлүктөрү, балдардын көрсөтмөлөрүнүн депозити жана баланын институту катары, анын инсандыгы калыптанган сергек үй-бүлөнүн түзүлүшү жөнүндө жаңы маалыматтарды алышты. «Форум зомбулукка чыдап жүрө бербөө чакырыгы жана ички күч символдоштурулган «Кыздардын колунан баары келет» инсталляциясынын ачылышы менен аяктады». Жыйынтыгында катышуучулар балдар менен ата-энелердин ортосундагы мамилени жакшыртуу, балдар жашаган чөйрөнү өзгөртүү, кыз-келиндерге карата зомбулукка чыдоонун нөлдүк өнүгүшү, сектор аралык өз ара аракеттерди күчөтүү зарылдыгын белгилешти.
BICEтын колдоосу менен өкмөттүк акселераттарды колдоо программасынын алкагында «Back to school» долбоору ишке ашырылган. 2023-жылдын мартында КР Министрлер Кабинети «Өкмөттүк акселераторлор» программасынын алкагында мектепке чейинки билим берүүнү өнүктүрүү боюнча демилгени ишке киргизген.[2] Азыркы тапта турак жайларда үй-бүлөлүк типтеги балдар бакчаларынын ачылышы үчүн шарттар түзүлүп жатат. Долбоордун негизинде канцеляриялык муктаждыктар, балдарды өнүктүрүүчү методикалык колдонмолор, азык-түлүктөр жана жылуу кийимдер түрүндө ондогон балдар бакчаларына техникалык жардам көрсөтүлгөн.

[1] https://eltr.kg/ru/v-karakole-proshel-soczialnyj-forum-nashi-deti-bezopasnaya-sreda/

[2] https://mineconom.gov.kg/ru/post/9298https://e-cis.info/news/567/107609/

# Фестивалдын алкагындагы иш-чаралар

## КВИЗ НАЙТ: «Укук – ар бир адам үчүн!»

«Укук – ар бир адам үчүн!» квиз найты Бишкек шаарындагы жана Маевка айылындагы окуучулар үчүн Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 75 жылдыгына арналып уюштурулган.
«Укук – ар бир адам үчүн!» иш-чарасы Адам укуктарынын жалпы декларациясынын негиздерин чагылдырган билим берүү жана интерактивдүү процесстерге окуучуларды тартуу максатын көздөйт.
Quiz оюн үч темадан турат: адам укуктарынын тарыхы, балдардын укуктары, гендердик теңчилик – ар бир темада 15тен суроо бар. Ошондой эле, адам укуктарынын тарыхы жөнүндө видео роликтер колдонулду, Адам укуктарынын жалпы декларациясынын бардык беренелери боюнча жалпы 30 ролик.
https://www.youthforhumanrights.org/videos/psas

**Катышуучулардын саны:** 80

**Катышкан мектептер:** Маевка мектеби, №16, 32,46,81 орто мектептери



# Фестивалдын алкагындагы иш-чаралар

Ошондой эле, упайларды саноо убагында тышкы миграция, басмырлоо жана социалдык теңсиздик темаларында «Мемориал» АДЦ видеороликтери көрсөтүлдү. https://adcmemorial.org/novosti/glavnoe/detyam-migrantam-nuzhna-podderzhka-a-ne-repressii/[1]

Роликтерди көрсөтүү адам укуктары маселелеринде катышуучулардын кругозорун кеңейтүү, толеранттуулук сезимин жана чыдамдуулукту тарбиялоого багытталган.

**Уюштуруучулар:** Балдарды коргоо борбору жана «Бир Дүйнө-Кыргызстан» УК

### Катышуучулардын сунуштамалары:

1. Окуучулардын өз билимдери жана ой-пикирлери менен алмаша алуусу үчүн викторина бүткөндөн кийин суроо-жоопторду талкуулоого мүмкүнчүлүк берүү.
2. Адам укуктары темасын терең үйрөнүү үчүн эксперттердин катышуусунда бир катар тегерек үстөлдөрдү же панелдик талкууларды өткөрүү.
3. Иш-чараны окутуу түрүндө гана эмес, мүмкүн, адам укуктары темасында окуучулардын чыгармачыл долбоорлорун жаратууга эргүү бергидей уюштуруу.
4. Жаштарды жана окуучуларды балдар укуктарына тиешелүү маселелерди талкуулоого чакыруу.
5. Иш-чараны инновацияларды колдонуу менен өткөрүү.

[1] https://adcmemorial.org/novosti/glavnoe/detyam-migrantam-nuzhna-podderzhka-a-ne-repressii/

## Фестивалдын алкагындагы иш-чаралар

### Аялдарга жана кыздарга карата сексуалдаштырылган зомбулук жөнүндө иштер боюнча иштеген Кыргызстандын юристтери үчүн тренинг

Аталган тренинг Кыргызстандын юристтерин аялдарга жана кыздарга карата сексуалдаштырылган зомбулук жөнүндө иштер боюнча иштеген же жаңыдан иштеп баштаган юристтердин алардын жабыркагандарды натыйжалуу коргой алышы үчүн билимдерин кеңейтүү максатында иштелип чыккан.

Тренингдин жыйынтыгында катышуучулар сексуалдаштырылган зомбулукка байланыштырылган кылмыштар жөнүндө; бул чөйрөдөгү эл аралык стандарттар жөнүндө; улуттук мыйзамдар жана укук колдонулуучу практика жөнүндө түшүнүк алышты; жабырлануучулардын кызыкчылыктарын эске алуу менен иш боюнча иш жүргүзүүнүн стратегиясын өздөштүрүштү; сексуалдык зомбулукка байланышкан мифтер менен стереотиптерди ажырата билүүгө жана алар менен күрөшүүгө үйрөнүштү; жабыркагандардын кызыкчылыктары менен конкреттүү шарттарды эске алуу менен ишти коштоодо аярлуу жабыркагандардын абалынын спецификасын түшүнө алышты.

Тренингдин жүрүшүндө колдонулган стратегиялар жана ресурстар/материалдар угуучулардын аларды өздөрүнүн келечектеги иштерине колдонго алышына мүмкүнчүлүк бергендей даярдалган.



**Валентина Фролова**
Адвокат, Москва, Россия



**Гульмира Казакунова**
«Равенство» майыптуулугу бар адамдардын союзу КБнин төрайымы, Кыргызстан



**Дарьяна Грязнова**
Eurasia Legal Advisor, Equality Now



**Иза Касрелишвили**
Юрист, Грузия



**Лира Исмаилова**
Гендердик эксперт, «Бир Дүйнө», Кыргызстанн



**Мухайё Абдураупова**
Адвокат, «Позитивдүү диалог» КФ, Кыргызстан



**Наталья Курасова**
«Сестры» сексуалдык зомбулукту баштан кечиргендерге жардам борборунун адистерин колдоо боюнча психолог жана координатор, Москва, Россия



**Ольга Карачёва**
Адвокат, Санкт-Петербург, Россия



**Эсения Рамазанова**
Адвокат; Кыргызстан



**Jacqui Hunt**
Global Lead on Ending Sexual Violence, Equality Now

## Фестивалдын алкагындагы иш-чаралар

**Укук коргоочулар: «Бири бирибизден үйрөнөбүз»**
**«Windows операциялык тутуму менен компьютерлерде жана Android операциялык тутуму менен смартфондордо укук коргоочулардын коопсуз баарлашуу тутуму»**

Аталган иш чара укук коргоочулар үчүн жаңы инструменттерди жана мүмкүнчүлүктөрдү өздөштүрүүгө багытталган. Иш чара Теңчилик үчүн Коалиция менен биргеликте уюштурулган. Тренингдин жүрүшүндө катышуучулар смартфондор менен жана Windows программасында иштөөдө коопсуздук боюнча жаңы программалар жөнүндө кеңири билишти. Коопсуздук боюнча адистердин баалоосунда колдонуучулардын компьютерлерине 2 млрд.га чейин сокку жүргузүлөт. Интернет коркунучтары ички жана тышкы болуп экиге бөлүнөт. Тышкы коркунучтар бизге сырттан, интернет тармагынан келет, ал эми ички коркунучтар Windows операциялык тутумундагы ар кыл көзөмөлдөөчү процесстерден келип чыгат.

## Фестивалдын алкагындагы иш-чаралар

StockApps компаниясынын маалыматтарына караганда, 2023-жылдын июль айында дүйнө жүзүндө уюлдук телефондорду колдонгон адамдардын жалпы саны 5,3 миллиардга жакындады, же болбосо, бул дүйнө калкынын 67% пайызын түзөт. 2020-жылдын 1-кварталынан тартып 2021-жылдын 1-кварталына чейин мобилдик маалыматтардын глобалдык орточо айлык трафиги 66 млн терабайтка жетти жана 73% трафик Androidдин башкаруусундагы телефондордон келет. Тактап айтканда, смартфондор коммуникациянын, маалыматты алуунун жана берүүнүн негизги инструментине айланды.

Иш-чара Кыргызстандагы Ф. Эберт фондусунун колдоосунда Борбор Азиядагы эмгек укуктары боюнча Мониторингдик миссия тарабынан уюштурулган.



## «Саясаттагы аялдар позитивдүү өзгөрүүлөр үчүн» диалогу

«Бийлик үчүн күрөш» - politics катары түшүнүлгөн саясат аялдарды дагы тынчсыздандырбай койбойт, анткени, аталган күрөштүн дал ушул мүнөзү, саясий күрөштүн шарттарынын адилеттиги жана теңчилиги саясий системанын, натыйжада жалпы коомдун жана мамлекеттин туруктуулугун аныктайт. Аялдардын саясатта гана эмес, жалпысынан потенциалы жогору. Антсе дагы, аялдардын башкаруудагы катышуусу социалдык-экономикалык маселелерге жана аялдар перспективасы менен аялдар табиятынын негизинде коопсуздук маселелерине кароого мүмкүнчүлүк берет. Саясаттагы аялдардын потенциалы деген эмне жана аны позитивдүү өзгөрүүлөргө кантип багыттоо керектигин жакшы түшүнүү үчүн аталган диалог уюштурулган.

«Саясаттагы аялдар позитивдүү өзгөрүүлөр үчүн» диалогунун интерактивдүү форматы жергиликтүү, улуттук, регионалдык жана эл аралык деңгээлдердеги лидер айымдардын жеке таржымалдары менен бөлүшүүсүнө гана мүмкүнчүлүк түзбөстөн, ар кыл деңгээлдердеги аялдардын өзгөрүүдөгү дүйнөнүн ар кыл деңгээлдердеги шарттарында аялдар инсан катары, жамааттардын лидерлери катары ар кандай маселелердин чечилишин илгерилетүү үчүн, ошондой эле, ар кыл деңгээлдердеги жамааттардын жана ресурстарды мобилизациялоодо кандай чакырыктар менен тобокелдиктерге туш келишээрин баамдоо үчүн мүмкүнчүлүк түздү.



**Модератор/референт:** Чинара Эсенгул, PeaceNexus Борбор Азия боюнча доценти

# Фестивалдын алкагындагы иш-чаралар

Кыргызстандагы «БУУ-аялдар» түзүмүнүн өкүлү Улзийсуурен Жамсран маанилүү документтерди кабыл алуусу боюнча, жаш курагына жараша адам укуктарынын маңызы ар кандай түшүнүлө тургандыгын белгиледи.

Туруктуу Өнүктүрүү Максаттары жана башка документтер аялдардын жергиликтүү деңгээлдердеги саясий саясий турмушка катышуусунда, жетектөөчү позицияларды ээлешинде жаңы түшүнүктөрдү киргизди. «Сиздердин таасириңиздер эч качан аз болбой турганын эстеңиздер. Сиздердин таасириңиздер кеминде 15% экенин эч качан унутпаңыздар. Сиздер менен бирге алакалаш болгондордун саны канчалык көп болсо, ошончолук таасириңер чоң болот, ошондой эле, ЖМКнын таасири дагы абдан маанилүү».
«ТӨМ аялдардын жергиликтүү деңгээлдердеги саясатка катышуусуна жаңы түшүнүктү киргизди, анткени менен, дайындалып жаткан кызматтарга, жеке сектордо аялдардын катышуусуна көңүл буруу зарыл. Чечимдерди кабыл алуу деңгээлиндеги саясаттагы аял деген эмне? Позитивдүү девианттарды алдыга жылдыруу зарыл. Глобалдык деңгээлде чечимдерди кабыл алуу деңгээлинде аялдардын катышуусунун позициясын камтуу менен, КРдин деңгээли кандай экендигин билүү маанилүү. CEDAW Конвенциясы мамлекеттик деңгээлдегидей эле жеке сектордо дагы гендердик теңчиликке жетишүүнү ыкчамдатуу үчүн чечимдерди кабыл алууну эске салат.




Улзийсуурен Жамсран,
БУУнун Аялдар уюмунун Кыргызстандагы өкүлү

## Фестивалдын алкагындагы иш-чаралар

Кыргыз Республикасы 50дөн ашуун эл аралык пакттарды ратификациялады, булардын айрымдары Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жок кылуу жөнүндө Конвенция жана Аялдардын укуктарын илгерилетүү боюнча аракеттердин Пекин платформасы сыяктуу гендердик теңчилик жана аялдардын укуктары менен түздөн түз байланышкан. Активдүүлүктүн 16 күнү өнөктүгүнүн алкагында КР Министрлер Кабинети биринчи жолу аялдарга жана кыздарга карата зомбулук маселеси боюнча толук курамда кеңешме өткөрдү, аялдар лидерлиги жаатында биринчи мамлекеттик программа колдоого алынды».

Өлкө ажырымында, 2021-жылы парламентте аялдардын жалпы үлүшүнүн (15,8%дан 21,11%га чейин) жана жергиликтүү кеңештерде (11%дан 38%га чейин) көбөйгөнүнө карабастан, институционалдык дагы, формалдык эмес дагы олуттуу тоскоолдуктар дагы эле бар. Патриархалдык баалуулуктар жана салттуу гендердик ролдор азыркы кыргыз коомундагы көптөгөн аспектилерди көрсөтүп турат.

Аял лидерлер бийликтин жергиликтүү органдарында депутаттык мандаттарга ээ болуп жатышканына карабастан, алар мурдагыдай эле коомдогу милдеттерин аткарууда олуттуу маселелерге туш болушат. Негизги тоскоолдуктардын катарында — жамааттык лидерлердин «коммуникациялык көндүмдөрдүн» жетишсиздиги (т. а. лидерлик көндүмдөрдүн, аргументациялоо жана эл алдында сүйлөө көндүмдөрү), ошондой эле, мыйзам ченемдерин теориялык жактан, ошондой эле, алардын колдонулуштарын билбестик болуп саналат.



## Фестивалдын алкагындагы иш-чаралар

Нарын облусунун Байзак айылындагы жергиликтүү депутат Мээрим Молдалиева депутаттыкка келүү менен бюджетти бөлүштүрүүнү пландоодо эркек депутаттардын көптөгөн маселелерге көңүл бурушпагангын түшүндү. Каражаттарды чыгымдарын бөлүштүрүүнүн айрым багыттарын алмаштыруу үчүн бардык күч-аракетин жумшоого туура келди. Байзак айылынын элинин муктаждыктарын тыкыр талдап иликтөөдөн кийин айыл өкмөтү менен макулдашуулардын натыйжасында балдардын машыгуусу үчүн аянтчанын курулушу башталды. Жергиликтүү кеңштин фондунан мектептердин бирөөсүнүн капиталдык ремонтуна 9 миллион сом бөлдүрүүгө жетишти, жабдууларды сатып беришти. 120 орундуу балдар бакчасынын курулушу башталып, пайдубалы курулду. Жергиликтүү бийлик өз ишин мурдагыдан ачык жүргүзө баштады, убактыттар алмашат, кеңештердин курамы дагы алмашат, жаңы адамдар келишет. Азыркы тапта Мээрим коомдук ишмердик менен алектенет, «Коопсуз мектеп» долбоорун ишке ашырат, айылдарды кыдырып, адамдар менен жолугушат. Саясат аны дипломаттуу болууга, ар кыл деңгээлдерде сүйлөшүүлөрдү жүргүзө билүүгө үйрөттү. Ал жарандык активдүүлүк боюнча билим берүүнүн деңгээлин жогорулатуу, лидерликти өнүктүрүү керек деген ишеничте. Ал эми жергиликтүү кеңештердин иштеринин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн аялдарды мындан дагы көп жетектөөчү позицияларга жылдыруу зарыл. Ошондой эле, эркектерди дагы жамааттарда саясий жана жарандык катышууга окутуу зарылдыгы бар.



# Фестивалдын алкагындагы иш-чаралар

Басымдуу көпчүлүк эркектердин арасында депутат болуу оңой эмес, жашоо-турмушу өзгөчө нуктагы, айыл калкынын терең динчилдиги менен байланышкан стереотиптерге ээ аймакта аял депутат болуу өтө оор. Балдар бакчасынын жетекчиси Махабат Боташева жасаса, баары колдон келе тургандыгын далилдей алды: ал 5 жылдан бери - Жалал-Абад облусунун Сузак районундагы ийгиликтүү депутаттардын бири. Анын катышуусунда аялдар жана балдар үчүн спортко каражаттар бөлүнүп, көбүрөөк көңүл бурула баштады. Ал өзү дагы спорт менен активдүү алектенип, айылдык аялдарды спортко тартууга аракет жасайт. Жаштардын демилгелерин колдойт, инвестицияларды тартуунун үстүндө иш алып барат, аялдардын демилгечил тобунун лидери. «Мен 2012-жылы депутаттыкка келгенимде, айылдык кеңештин 31 депутатынын арасында бир гана аял болчумун. Азыркы тапта, 2023-жылы үчүнчү чакырылыштагы депутаттыгымда аялдар 12ге жеттик, ал эми эркектер – 19».



## Фестивалдын алкагындагы иш-чаралар

Джамиля Капарованын айтымында, «Биздин аялдар саясатка ар кандай келишти. Депутат болушаары менен көптөгөн иштерди жасашты, жаштар менен иштешип жатышат. Сузак —патриархалдык шарттары бар оор аймак, аял лидер болуу жеңил эмес, бирок, мактанаарлык. Махабат коомдук башталыштарда диний мекемелерге мониторинг жүргүзөт. Мээрим көптөгөн кыйынчылыктардан өттү, активдүү ишмердүүлүгүн улантууда. Алар өрнөк боло турган татыктуу аялдар».

**Жаштарды саясатты кайра курууга тартуу**: Кыргыз Республикасынын калкынын жаш курактык түзүмү демографиялык жагдайдан алганда, жаштардын категориясьына кирет: 14-28 жаш курагындагы адамдардын үлүшү калктын жалпы санынын чейрек бөлүгүн түзөт. Жаштардын үчтөн бири шаар жерлеринде (30%), экиден үч бөлүгү (70%) – айылдарда жашашат. Туруктуу өнүктүрүүнүн 3 максаты (мындан ары ТӨМ) жаштар саясатын коомду өнүктүрүүнүн маанилүү ресурсун түзүүчү негизги инструменттердин бири катары жаштар саясатын карайт, ошондой эле, жаштар – активдүү социалдаштырылган мезгилде болуу менен алар өздөрүнүн потенциалын жүзөгө ашыруу үчүн коомдун жана мамлекеттин чыныгы колдоосуна муктаж боло тургандыгын аныктайт.[1]



[1] https://kyrgyzstan.un.org/sites/default/files/2021-07/%D0%A1%D0%B8%D1%82%D1%83%D0%B0%D1%86%D0%B8%D0%BE%D0%BD%D0%BD%D1%8B%D0%B9%20%D0%B0%D0%BD%D0%B0%D0%BB%D0%B8%D0%B7%20%D0%BC%D0%BE%D0%BB%D0%BE%D0%B4%D0%B5%D0%B6%D0%B8%20RU.pdf

## Фестивалдын алкагындагы иш-чаралар

«Мен өзүмдү адвокат болом деп ишенчүмүн, сотто иштегенге бардым. Бул Молдова үчүн оор жылдар эле, баары эле мыйзам чегинде боло берчү эмес. Массалык медиага кеттим, саясий берүүлөрдүн продюсери болдум. Бир нерсеге таасир эте алаарымды түшүндүм, бирок, кийин бул кыска мөөнөттүү экендигин аңдадым. Бүгүн актуалдуу болгон нерсе, эртең актуалдуу болбой калышы мүмкүн. Эгер эшик жабык болсо, форточка аркылуу кирсе болот. Узак мөөнөттүү деңгээлде кантип таасир этүү керектиги жөнүндө ойлоно баштадым». «Бул жердегилердин бардыгы келечекте — «Саясат позитивдүү өзгөрүүлөр үчүн болушу керек» деп угулуусу кажет. Аталышынын өзү эле гендердик чөйрөдөгү оор кырдаал жөнүндө айтып турат. «Саясаттагы эркектер позитивдүү өзгөрүүлөр үчүн» деп айтылган жок, бул өзүнөн өзү түшүнүктүү. Андыктан, биз келечек үчүн иштейбиз. Мен азыр өзүмдү байланып тургандай сезем.

Активдүүлүк жана мыйзам ченемдик демилгелерди илгерилетүү жөнүндө: «Логика мээримдүүлүк менен айкалышканда ийгиликке жетишүүгө жардам берет. Көрүнбөгөн байланыштар абдан маанилүү. Биздин баарыбыз бири бирибизге ушунчалык жакынбыз, эмесе, келгиле, биз өнөктөштүк мамилелерди кантип жаратуу керек экендигин карап көрөлү. Жаңы логика жаңы чындыкка алып келет». Бул фестивалда баары публикадагы коммуникациялар менен алектенишет. Ылдыйдан жогору карай стратегиясы абдан жакшы иштейт. Креативдүү инструменттерди пайдалануу маанилүү, ЖМКны кеңири тартуу керек жана социалдык тармактарды маалыматты таратуу үчүн гана эмес, жаштарды өлкөдө болуп жаткан процесстерге тартууга, бардык деңгээлдерде катышууга жана ишеним деңгээлин жогорулатууга пайдалануу керек.




Анастасия Примов,
Молдова Республикасынын Премьер-министринин кеңешчиси

## Фестивалдын алкагындагы иш-чаралар

«Бир мейкиндикте чогуу иштеген, ошол мейкиндиктин бир бөлүгү катары баш-оту менен киришкен, бирин бири урматтагандыгын сезишкен, өзгөртүүгө ыйгарым укуктары бар катарлаш коштоп жүрүүчү катары өздөрүн сезишкен аялдар анчалык чоң ресурстары болбосо дагы, абдан кичинекей мүмкүнчүлүктөрү болсо дагы, сонун иштерди аткара алышат. Бул жөнөкөй идея. Биз «Leading to Choices» деп аталган уникалдуу билим берүүдө окутуу программасын түздүк, ал аялдан, «Мен өзүмдүн жеке турмушумдун лидериминби?» деген главадан башталып, главадан главага эмне үчүн демилге зарыл экендигин жана аялга кантип өзүнүн жамаатын мобилдештирип, өнөктүккө алып келе тургандыгына чейин жетет. Өнүгүүгө, тынчтыкка, адилеттүүлүккө жана цивилизацияга жетишүүгө түрткү болгон социалдык капиталды топтоодо аялдар маанилүү роль ойношот».




Махназ Афхами,
Women’s Learning Partnership Уюмунун негиздөөчүсү

# Фестивалдын алкагындагы иш-чаралар

«Шайлоолордун ачыктыгы, аялдардын саясатта алдыга жылышы жөнүндө көптөгөн суроолор бар. Шайлоолордун мурдагы циклинде биз талапкер аялдарга бардык деңгээлдерде катышууга көмөктөшкөнбүз. Биз квоталарды киргизүүгө, орундарды резервдөөгө аракет жасадык. Оорчулуктар бар, бизге: “Ал эми сапаты кандай болот?» - деген суроолорду беришти. Сапатты жер-жерлердеги аял лидерлер жасашат, жергиликтүү тургундар гана өз лидерлерин чыгара алышат. Шайлоолордон кийин биз жаңы эстегендерибиз боюнча рефлексияга алар менен көп иштерди жасадык. Мурдагы жана азыркы депутаттар менен аймактарда жолугушуулар өткөрүлдү, биз муктаждыктарды аныктадык. «А чындыгында биздин аялдарга өздөрүнүн муктаждыктарын кеңейтүүлөрү үчүн эмне керек?» Биз алардын ар биринин пикирлерин сурап чыктык. Ал ким? — аялбы? –лидерби? – аял лидерби? Эмне үчүн ал саясатка аралашуу үчүн бара жаткандыгынын түп тамырындагы себептерине чейин иликтедик. Ал жер-жерлердеги жашоо-турмуштун сапатын жакшыртуу принциби менен бара жатат».




Айнура Усупбекова,
«Гражданская платформа» Уюму

# Фестивалдын алкагындагы иш-чаралар

Позитивдүү өзгөрүүлөрдү улантуу үчүн биз ЖМК плюрализмин саткоо үчүн күч-аракеттерди жумшашыбыз керек. Көз карандысыз ЖМК коомду агартууга, чындыкты, сапаттуу маалыматты жеткирүүгө жардам беришет. Биз ошондой эле, толеранттуулуктун болушун кубаттоону, медиа аркылуу көп түрдүүлүктү кубаттоону өнүктүрүшүбүз керек. Ошондо гана биз жогорку стандарттарга жана аудиторияны агартууга жетише алабыз.

Азыркы тапта Кыргызстан 2023-жылга карата Гендердик ажырымдын глобалдык индексинде 84-орунду (146дан) ээлейт[1], бул аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү жана алардын лидерлиги боюнча мындан аркы күч-аракеттерди күчөтүү зарылдыгын баса белгилейт. Кыргызстан бардык деңгээлдерде эл аралык, ошол эле кезде мамлекеттин ичиндеги мыйзам ченемдерге ылайык гендердик теңчиликти илгерилетүү боюнча милдеттенмелерди өзүнө алган. Ар түрдүү демилгелерге жана мыйзамдык атайын чараларга карабастан, Кыргыз Республикасында аялдар саясий жетишкендиктерге жетишүүдө жана жетектөөчү кызматтарга баруруда олуттуу маселелерге дуушар болуп келишет.



Инга Сикорская,
Тынчтыкты сактоо жана Борбор Азиядагы медиа технологиялар мектебинин директору

[1] https://24.kg/obschestvo/269849_nado_obyedinyatsya_vkyirgyizstane_proshel_jenskiy_kurultay_solidarnosti/

## Фестивалдын алкагындагы иш-чаралар

Толекан Исмаилова: «Баарысы жогору жактан келет. Жер-жерлердеги адамдар шайлоолорго катышуу эмне экендигин түшүнмөйүн, күчтүү коомду жаратууга болбойт. Шайлоочуларга күчтүү даярдык керек. Ал жакта, жер-жерлерде жергиликтүү журналисттер иштеши маанилүү. Көп жыл мурда биз күчтүү лидерлерди тандап алууга пайдубал түптөгөнбүз. Айлап жамааттарда жашап, иштегенбиз жана анын жыйынтыгы болду. Бардыгы ылдыйдан жогору карай жүрүшү керек. Жарандык билим берүүнүн үстүндө иштөө зарыл»



Толекан Исмаилова,
«Бир Дүйнө-Кыргызстан» УК директору

## Фестивалдын алкагындагы иш-чаралар

**Жыйынтыктоо:** Системалык, структуралык жана патриархалдык нормалар, уруучулук, коррупциялык схемалар чечимдерди кабыл алуу процесстеринде аялдардын укуктарын чектей тургандыгын, калктын жалпы саясий маданиятынын деңгээлинин төмөндүгүн таанышыбыз керек.

Мыйзам ченемдериндеги жетишкендиктерге жана юридикалык тоскоолдуктарга карабастан, саясаттагы аялдарга карата зомбулук, ошондой эле, «айнек шып» аялдардын жетектөөчү кызматтарга баруусунда же саясатка алынышына тоскоолдук жаратат.

Аялдар улуттук деңгээлде дагы, жергиликтүү деңгээлде дагы көтөрүлүшү кыйла оор. Андан тышкары, аялдарды мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарга дайындоо үчүн квоталар системасы жок. Саясий кызматтардын деңгээлинде аялдардын жана эркектердин катышуусунда баланстын жоктугу ачык байкалат.

**Сунуштамалар:** Жамааттардын деңгээлинде аял лидердин салымынын баалуулугун жана ролун көрсөтүү, потенциалынын ачылышына, жамаатты өнүктүрүү жана маселелерди чечүү үчүн биригүүгө жана тилектештикке, жергиликтүү бийлик менен өз ара аракеттенүүсүн жакшыртууга жетишүүсүнө көмөкчү болуу зарыл.

ЖМК менен иштөөнү күчөтүү, айлананы, чакырыктарды жана тобокелдиктерди анализдөө жана үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү.



## Фестивалдын алкагындагы иш-чаралар

2023-жылы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин, «БУУ – Аялдар» түзүмүнүн демилгелеринин алкагында аялдар өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрү менен кызматташтыкта «2030-жылга карата жетектөөчү кызматтарга аялдарды алдыга жылдыруу боюнча мамлекеттик программаны » иштеп чыгуу процессине көмөкчү болду. [1]






[1] https://govori.tv/pravitelstvo-kyrgyzstana-razrabotalo-gosprogrammu-po-prodvizheniyu-zhenshhin-na-rukovodyashhie-dolzhnosti/

# Фестивалдын алкагындагы иш-чаралар

## «Бир Дүйнө-Кыргызстан» укук коргоо кыймылы жана «Bread for the World» Азия Форуму биргелешкен долбоорунун алкагында локалдыктан глобалдуулга чейин принциби боюнча жергиликтүү жамааттардын добуштарын жеткирүү жана потенциалын жогорулатуу улуттук диалогу

**Негизги максаты:** 2023-жыл ичинде Ысык-Көл облусунун Барскоон, Тосор, Кичи-Жаргылчак, Чоң-Жаргылчак жергиликтүү жамааттарындагы 95тен ашуун өкүл үчүн өткөрүлгөн 8 жумушчу жолугушуунун, семинарлардын жана тренингдердин жыйынтыгын жана Каракол шаарында өткөн «Кумтөр» тоо кен компаниясынын таасиринде калган жергиликтүү жамааттардын добуштарын жеткирүү, коргоо жана потенциалын жогорулатуу боюнча «Азия Форуму» эл аралык ассоциациясы менен биргелишкен долбоорду жүзөгө ашыруунун алкагында 2023-жылдын октябрындагы регионалдык диалогдун жыйынтыктарын чыгаруу.[1]

Ар бир окутуучу семинар жана тренинг 20дан 30га чейинки лидерлердин, активисттердин, негизги мамлекеттик органдардын, ЖӨБнын, Акыйкатчы Институтунун, ӨКМдин күчтөрүн бириктирди.[2]

Ар бир жумушчу жолугушууда инвестициялык долбоорлорго маалыматтын жеткиликтүүлүгү, жамааттардын ортосундагы ажырымды кыскартуу, ошондой эле, жамааттардын жергиликтүү деңгээлдерде чечимдерди кабыл алуу процесстерине катышуусун жогорулатуу жөнүндө эң актуалдуу маселелер талкууланды.[3]

[1] https://forum-asia.org/?p=37589
[2] http://birduino.kg/pressaru/otchet-po-itogam-rabochix-vstrech-v-4-soobshhestvax-issyik-kulskoj-oblasti
[3] https://forum-asia.org/wp-content/uploads/2022/11/Justice-in-Waiting-_-Report-_-EN.pdf

«Бир Дүйнө-Кыргызстан» укук коргоо кыймылынын ишинин баса белгилеп көрсөтүүчү негизги жыйынтыгы 2023-жылдын 1-декабрында «Европа» отелинде бардык аймактардагы лидерлердин катышуусу менен жергиликтүү жамааттардын добуштарын жеткирүү боюнча Улуттук диалогдун өтүшү болду. «Бир Дүйнө» директору Толекан Асаналиевна Исмаилова тоолорду туруктуу өнүктүрүү чөйрөсүндө БУУнун күн тартибин илгерилетүүнүн алкагында тоолордун экосистемалары маселелерин чечүүнүн, БУУнун Башкы Ассамблеясынын «Тоолорду туруктуу өнүктүрүү» резолюциясынын жана КР Президенти Садыр Жапаровдун климаттык туруктуулукту жогорулатуу, табигый мурастарды сактоо, Тоолорду туруктуу өнүктүрүү эл аралык жылын өткөрүү боюнча Жарлыгынын аткарылышынын жана 2023-жылдагы Париждеги ЮНЕСКОнун башкы конференциясынын 42-сессиясынын жыйынтыктарын илгерилетүү, 2023-2027-жылдарды Тоолуу аймактарды өнүктүрүү боюнча иш-аракеттердин Беш жылдыгы программасын жүзөгө ашыруунун алкагында тоолуу региондорду өнүктүрүү боюнча БУУ Стратегиясын локализациялоонун, ошондой эле, региондорду өнүктүрүү жаатында, кырсыктарды жана тобокелдиктерди төмөндөтүү боюнча Сендай алкактык программасы менен БУУнун «Бизнес жана адам укуктары» жетектөөчү принциптерин илгерилетүүнүн алкагында эл аралык программаларды адаптациялоо боюнча жол картасын даярдоонун маанилүүлүгүн баса белгиледи.

## Фестивалдын алкагындагы иш-чаралар

**Негизги индикаторлор:**

**1.** «Азия Форуму» эл аралык ассоциациясынын командасынан координатор Пратаны Раодондун онлайн катышуусунда БУУнун Башкы ассемблеясынын «Тоолорду туруктуу өнүктүрүү» резолюциясын жана БУУнун күн тартибин илгерилетүүнүн алкагында аярлуу тоолордун экосистемаларынын маселелерин чечүү боюнча тажрыйба алмашылып, пикирлер айтылды;

**2.** «Бир Дүйнө» командасынын Женевадагы адам укуктары жана бизнес боюнча эл аралык Форумуна катышуусунун натыйжасындагы негизги тажрыйбасы, тынч чогулууларга жана ассоциациялар эркиндигине укуктар жөнүндө Атайын баяндамачы менен өнөктөштүктүн негизги аспектилери, кырсыктарды жана тобокелдиктерди алдын алууда аялдар лидерлигинин ролу, ошондой эле, «View from the frontline» изилдөөлөрүнүн алкагында GNDR эл аралык ассоциациясынын тажрыйбасын жана методологиясын колдонуу менен кырсык тобокелдиктеринин шарттарында жашаган жергиликтүү жамааттарды коргоо максатында «Мөңгүлөр жөнүндө» мыйзам долбоорун илгерилетүүнүн маанилүүлүгү белгиленди;

**3.** 2023-жылдын июлундагы Кумтөрдүн таасиринде калган жергиликтүү жамааттар үчүн жумушчу жолугушуулардын жана тренингдердин жүрүшүндө жана 2023-жылдын октябрындагы Каракол шаарындагы регионалдык диалогдо жетишилген жыйынтыктарга анализ жүргүзүү;

**4.** Улуттук диалог Кыргызстандын бардык аймактарындагы жергиликтүү жамааттардын лидерлеринин күч-аракеттерин бириктирип, «Бир Дүйнө-Кыргызстан» адам укуктары боюнча даректүү тасмалардын фестивалына катышкан эл аралык меймандардын жана эксперттердин, айылдык кеңештердеги аял депутаттардын, ӨКМдин өкүлдөрүнүн, жаш активисттердин жана медиа адистердин башын кошту.

# Фестивалдын алкагындагы иш-чаралар

**Мындан аркы кадамдар:**

**1.** Кырсыктар жана тобокелдиктер жөнүндө, ошондой эле, эл аралык донорлордун ишке ашырылып жаткан инвестициялык долбоорлору жөнүндө жергиликтүү жамааттардын маалымдуулугун жогорулатуу жана локалдыктан глобалдуулукка чейин принциби боюнча чечимдерди кабыл алуу процесстерине жамааттардын лидерлерин тартуу даражасын жогорулатуу маанилүү. Калктын маалымдуулугун социалдык тармактар, жаңылыктар порталдары, маалыматтары ачык жана жергиликтүү деңгээлдеги иш-чараларды камтыган вебсайттар аркылуу калкка маалымат жеткирүү механизмин түзүү;

**2.** Мамлекеттик органдар тарабынан кырсык тобокелдиктерин төмөндөтүү боюнча жүргүзүлгөн иштер жөнүндө деталдуу отчетторду берүү маанилүү;

**3.** 1998-жылдагы Барскоонго жакын жердеги трагедиядан – кырсыктан кийинки калктын саламаттыгы жана медициналык маселелери боюнча маалыматтарды жана окуяларды калыбына келтирүү боюнча Улуттук көз карандысыз Комиссия түзүү максатында КР Омбудсменине кайрылуу;

**4.** Барскоондогу мажбурлап бойдон алдыруудан жабыркагандардын атынан компенсацияларды алуу максатында КРдин мамлекеттик бийлик органдарынын, КР Саламаттыкты сактоо министрлигинин жана Адам укуктары боюнча БУУнун Атайын баяндамачысынын даректерине биргелешкен кайрылуу даярдоо;

**5.** Кумтөрдө цианид төгүлгөндөн кийин аялдарды мажбурлап бойдон алдыруунун кесепеттери боюнча көз карандысыз журналисттик иликтөөнү демилгелөө;

**6.** Мөңгүлөрдү жана ичилүүчү таза суунун булактарын сактоо боюнча агартуучулук иштерди жүргүзүү. “Мөңгүлөрдү сактоо боюнча” коомдук кыймылды түзүү. Кыргызстандын экологиясын сактоо жана аяр мамиле жасоо боюнча окутуу семинарларын, тренингдерди, курстарды өткөрүү.

# Фестивалдын алкагындагы иш-чаралар





## Борбор Азиядагы эмгек укуктары боюнча эл аралык мониторингдик миссиянын жетинчи Конференциясы

2023-жылдын 30-ноябрында Бишкекте Борбор Азиядагы эмгек укуктары боюнча эл аралык мониторингдик миссиянын жетинчи Конференциясы болуп өттү. Иш чара ар намыс, эркиндик жана адилеттик маселелерин камтыган тоолуу өлкөлөрдөгү теңчилик, басмырлабоо жана адам укуктары принциптерин сактоо боюнча БУУ жалпы Декларациясынын 75 жылдыгына арналган адам укуктары боюнча даректүү тасмалардын «Бир Дүйнө Кыргызстан» XVII эл аралык фестивалынын алкагында өнөктөштөрдүн колдоосу менен болду.

Миссиянын Конференциясы Борбордук Азиядагы фундаменталдык эмгек укуктарын жүзөгө ашыруу маселелерине арналды. Иш чарага Казакстандагы, Өзбекстандагы, Кыргызстандагы, Түркмөнстандагы жана башка өлкөлөрдөгү кесиптик жана укук коргоо уюмдарынын өкүлдөрү катышышты.

Баяндамалардын жүрүшүндө катышуучулар тынч жыйындарга чогулуу эркиндигине негизги укуктарды жүзөгө ашырууга мыйзамдардын өзгөрүшүнүн таасири жана макулдашууларга катышуу жана жамааттык аракеттерди жасоого тийиштүү болгон жарандык коомдун укуктарынын кыскарышына багытталган бул өзгөрүүлөрдүн кесепеттерин талкуулашты. Чыгып сүйлөгөндөр сонку эки жылда байкалган позитивдүү өзгөрүүлөргө карабастан, жалпы региондогудай эле, бүтүндөй дүйнө жүзүндө өкмөттөр тарабынан бардык жерлердеги эмгек укуктары жакшы сакталбай жаткандыгына токтолушту.

Ошондой эле, баяндамалардын жүрүшүндө жумуш орундардагы аялдардын укуктарынын абалы жана гендердик теңчиликти өнүктүрүү тенденциясына, асыресе, Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү жумуш орундарындагы теңчиликке таасир этүүчү (экономикалык, социалдык жана гендердик) теңчиликтер каралды.
Көрсөтүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыгына караганда, зомбулук, анын ичинде үй-бүлөлүк зомбулук, жумуш орундарындагы ыдык көрсөтүүлөр азайбастан, тескерисинче көбөйүүдө. Буга байланыштуу 10-декабрда белгиленүүчү адам укуктарынын эл аралык күнүнө карата Кыргызстанда коомдун көңүлүн аталган көйгөйгө бурдурууга чакырган «Кыз-келиндерге карата зомбулукка каршы 16 күн» иш чарасы өткөрүлүп келет.
Катышуучулар тарабынан бардык өзгөрүүлөр менен катар болуп жаткан глобалдык демографиялык трансформация жөнүндө белгиленди. Көпчүлүк өлкөлөр төрөлүүнүн төмөндөшү, калктын санынын кыскарышы менен болжолдонгон калктын улгайышына туш келип жатышат же туш келишет. Бул көптөгөн өлкөлөрдүн экономикалык абалына негативдүү тассир этет деп болжолдонууда.
Жыйынтыгында, жалпы дискуссиянын жүрүшүндө катышуучулар ишмердүүлүктөрү үчүн профсоюздук активисттерди басмырлоо жана куугунтуктоону токтотууга чакырган резолюцияны кабыл алууну чечишти.

**Борбор Азиядагы эмгек укуктары боюнча эл аралык мониторингдик миссиянын жетинчи Конференциясынын резолюциясы**

Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү социалдык-эмгектик жана экономикалык укуктарды жана кызыкчылыктарды коргоо менен алектенген профсоюздук жана жарандык активисттер үчүн тобокелдиктер жана эмгек укуктарына байланыштуу кырдаалды талкуулоо менен Конференция региондогу Казакстан жана Өзбекстан сыяктуу бир катар өлкөлөрдө активисттердин коопсуздугуна байланыштуу кырдаалдын аздыр-көптүр жакшыргандыгын, ал эми Кыргызстанда коопсуздуктун көбөйгөндүгүн жана Тажикстанда, айрыкча Түркмөнстанда дайыма жогорку коркунучта экендигин белгилейт. Казакстандагы жана Өзбекстандагы, ошондой эле, региондун башка өлкөлөрүндөгү сот адилеттигисиз укуктардын колдонулушу жана мыйзамдарда калып жаткан репрессивдик механизмдерди көңүлгө алуу менен, ошондой эле, 2023-жылдын ноябрында Казакстанда профсоюз активисттери кармалган учурларды, бир катар өлкөлөрдөгү көз карандысыз профсоюздарга кысым көрсөтүү учурларын эске алып, Миссия конференциясы региондогу бардык өлкөлөрдө алардагы репрессивдик рычагдарды жок кылуу менен, ачык жана акыйкат сот адилеттигин жөнгө салуу жана профсоюздук жана жарандык активисттерге кысым көрсөтүүнүн репрессивдик практикасын токтотуу менен мыйзам ченемдерин өзгөртүү зарылдыгын белгилейт.
Миссия Конференциясы миссиянын бардык мүчөлөрүн активисттерди соттук коргоого мүмкүн болгон бардык жардамды көрсөтүүгө жана региондо көз карандысыз профсоюздук жана жумушчу кыймылды өнүктүрүүнү колдоого чакырат.

## Ыктыярчылардын салымы

Фестивалды даярдоого жана өткөрүүгө ыктыярдуу башталыштарда уюштуруучуларга олуттуу колдоо көрсөтүшкөн ыктыярчылардын командасы чоң салым кошту. Ар бир чет элдик мейманга жооптуу ыктыярчы бекитилген. Мындан тышкары, тасмаларды талкуулоо маалында котормочулук кызмат көрсөтүштү. Жаш лидерлер тасмалар көрсөтүлүп бүткөндөн кийин дискуссияларга активдүү катышышты жана «Бир Дүйнө-Кыргызстан» укук коргоо уюмуна адам укуктары боюнча алган билимдери жана ири масштабдуу иш-чараны өткөрүүдө лидерлик тажрыйба алышкандыгы үчүн зор ыраазычылыктарын билдиришти.

Фестиваль аяктагандан кийин Фестивалдын уюштуруу комитети жаш лидерлер менен атайын ыраазычылык билдирилген жолугушууну уюштурушуп, ар бир ыктыярчыга уюмдун атынан Ыраазычылык каттарын тапшырышты.








## Финансылык аспект жана фестивалдын өнөктөштөрү

Адам укуктары боюнча даректүү тасмалардын «Бир Дүйнө-Кыргызстан-2023» XVII эл аралык фестивалы өнөктөштөрдүн финансылык колдоосу менен гана эмес, адамзаттык ресурстарынын колдоосу менен дагы өттү. «Фестиваль-2023» иш-чарасынын бюджети төмөнкү деңгээлде болду, буга Кыргызстанда гана эмес, дүйнө жүзүндөгү адам укуктарынын бузулушун ачык чагылдырган фестивалга чоң коркунуч жана тобокелдиктерди алып келген жарандардын саясий укуктарынын бузулушу себеп болду. 2009-жылдан тарта КР Борбор Азиядагы «жарым-жартылай эркин» мамлекеттердин разрядында жүрсө, 2021-жылы ал «эркин эмес» мамлекеттердин катарын толуктады.

Фестивалды даярдоого жана өткөрүүгө өздөрүнүн чоң салымдарын ыктыярчылар – Бишкек шаарындагы студенттер жана окуучулар, адамзаттык ресурстар болуп саналган кызматкерлер жана эксперттер кошушту.



## Кыйынчылыктар жана тоскоолдуктар

Кыргызстанда сөз эркиндиги жана адам укуктары боюнча кырдаал кескин төмөндөгөнү Фестивалда ачык көрүндү. КР Жогорку Кеңешине киргизилген 4 мыйзам долбоору ¬«ЖМК жөнүндө», «БӨУ жөнүндө», «чет элдик өкүлдөр жөнүндө» жана «залакалуу маалымат жөнүндө» мыйзам долбоорлору өлкөдөгү сөз эркиндигинин абалына терс таасирин тийгизет.

Май айында жарыяланган басма сөз эркиндигинин бүткүл дүйнөлүк индексинде Кыргызстан 122 позициядан 72 позицияга түшүп кетти. Республика дароо 5 категория - саясий контекст, укуктук база, экономикалык контекст, социалдык-маданий контекст жана коопсуздук боюнча 50 упайын жоготту.[1] Буга чейин Кыргызстан региондогу басма сөз эркиндигинин оазиси болуп эсептелип келген.



[1] https://rus.azattyk.org/a/32391220.html

## Кыйынчылыктар жана тоскоолдуктар



2023-жылдын 24-ноябрында фестивалды баштоого старт берүүнүн алдында уюштуруучулар ЖМКда таралган маалыматтардан (интернет сайттардан) «Кыргызтасмасы» МК МК 30-ноябрда көрсөтүү мерчемделген тасмага күбөлүк берүүдөн баш тартылгандыгы жөнүндө билишет . Ошону менен мамлекеттик мекеме уюмдун кадыр-баркына доо келтирүү менен коомчулуктун дагы, биздин уюмдун дагы башын айлантат.
Иш жүзүндө белгилүү болгондой, «Кыргызтасмасы» МК МК 2023-жылдын 13-ноябрында эле жогоруда көрсөтүлгөн тасмага прокаттык күбөлүк берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алган. Бул жөнүндө бизге маалымдалган эмес жана чечимдин көчүрмөсү берилген эмес.[1]



Ошентип, биз тараптан КРнын маданият, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин алдындагы кинематография Департаментинин «Кыргызтасмасы» МК МКна мыйзамсыз аракеттери үчүн даттануу жөнөтүлдү.
Жыйынтыгында фестивалдын бардык программасы 28, 29, 30-ноябрь күндөрү жана 30-ноябрь күнү кечинде «Wartime Notes» («Согуш мезгилиндеги жазуулар») даректүү тасмасын Sofia Hotel отелинде атайын көрсөтүү уюштурулду.

[1] https://24.kg/obschestvo/280562_kinofestival_bir_duyno_vkyirgyizstane_zapretili_pokaz_filma/

## Кыйынчылыктар жана тоскоолдуктар

Ошону менен бирге белгилей кетсек, «Бир Дүйнө-Кыргызстан» укук коргоо кыймылы КР Конституциялык сотуна Бишкек шаарынын Административдик сотуна Кыргызстанда ***цензурага жол берген*** айрым нормативдик-укуктук актылардын бар экендигине байланыштуу кайрылды. Бул нормалар КРнын Конституциясы тарабынан, ошондой эле, Кыргыз Республикасы сактоого милдеттенме алган эл аралык макулдашуулардын нормалары менен кепилденген адам укуктарын чектейт жана укуктарын бузат.

Биринчи кезекте Кыргызстандын аймагында жайылтылышы болжолдонгон аудиовизуалдык чыгармаларды «Кыргызтасмасы» МК МКга көрсөтүүгө милдеттендиргендиги жөнүндө талап, тактап айтканда, тасманы көрсөтүүгө «расмий уруксат алууга» – ***мамлекеттик күбөлүк алууга жарандардын атайын экспертизадан өтүшү – түздөн түз цензура***. Бул - ***Кыргыз Республикасында цензурага жол берилбейт*** - деп жазылган Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 10-беренесинин 2-бөлүгүнө карама-каршы келет.

1. Жогоруда баяндалгандардын артында 25-ноябрда ЕККУнун программалык кеңсесинин өкүлчүлүгүнөн ЕККУ өнөктөштүктөн баш тартуу жөнүндө жана фестивалдын бардык материалдарынан ЕККУ логотибин өчүрүү - мандатына каршы келүүчү өтүнүчү менен билдирүү келип түшөт.
2. Тасмаларды көрсөтүүнүн жүрүшүндө УКМК тарабынан залды бошотуу өтүнүчү менен көрүүчүлөргө тыюу салынып, тасмалардын көрсөтүлүшүн токтотууга аракет жасалды.

## Кыйынчылыктар жана тоскоолдуктар

Азыркы фестиваль оор, ал тургай трагедиялуу убакытта өткөрүлдү: анткени менен, кыйынчылыктарга карабастан, адам укуктары боюнча «Бир дүйнө-Кыргызстан» ДТЭФ өзөгү ак ниеттик болуп саналган дүйнөгө көз карашты калыптандыруу, адам укуктарын коргоо жана боорукердик болгон өзүнүн гуманисттик багытын сактап калгандыгы менен баалуу. Фестивалда көрсөтүлгөн мындай тасмалар көп болушу керек, алар жапакечтикке, боорукердикке, бизди курчап турган чөйрөгө, анын азыркысына жана келечегине жоопкерчиликтүү болууга тарбиялайт. Киноформдун катышуучуларынын иши мамлекет менен коомдун ортосундагы укук коргоочулук диалогдун сапатын жакшыртууга, аны маданий жаңы деңгээлге чыгарууга, адамдардын энчисине айлантууга мүмкүнчүлүк берет.



## Корутунду

Адам укуктары боюнча ДТЭФ түптөлгөндөн бүгүнкү күнгө чейин дүйнөдөгү искусствонун чыныгы жышааналуу окуясы болуп келет. Ал турмуш өзү өкүм кылган, коом үчүн жаралуу болгон эң олуттуу маселелерди козгойт.

Программа ар тараптуулугу жана билимди адам укуктары жөнүндө тереңдетүүгө багытталган, айрыкча жаштардын, жана негизинде адамдарды бириктирүү каалоосу да универсалдуу гуманисттик принциптер, ошол эле учурда кеңейүүдө алардын укуктарын коргоо жөндөмдүүлүгүнө багытталган.

Ололо Планет залында 6 күн бою өткөн кинофестивалда атайын көрсөтүүлөрдү кошкондо жалпысынан 25 кинолента көрсөтүлдү.

Адам укуктары боюнча Эл аралык фестивал - бул Кыргызстандагы адам укуктары жөнүндө кинолентаaларды жаратышкан кинематографисттерди колдоого багытталган тасмалардын жападан жалгыз фестивалы. КР Министрлер Кабинетинин төрагасынын орун басары, адам укуктары боюнча координациялык кеңештин төрагасы Байсалов Э.Ж. мырза белгилеп өткөндөй, «кинофестиваль жарандык коомду калыптандырууда зор роль ойногон адам укуктарын коргоого багытталган программалардын жана тасмалардын чыныгы форуму болду.



## Корутунду

Көп жылдардан бери фестиваль агартуучулук, тарбия берүүчүлүк миссияны аткарып келет жана коомдун моралдык сергек жашоо мүнөзүн чыңдоого баа жеткис салым кошот».[1]

Кинофестивалдын беш күнү кино көрүүгө, авторлор менен чыгармачыл жолугушууларга жана тасмаларды талкуулоого келишкен бардык көрүүчүлөргө эстен кеткис таасирлерди жана эмоцияларды тартуулашты. «Бир Дүйнө-Кыргызстан» фестивалы салтка айлангандай, 2024-жылдын февраль айында Кыргызстандын көптөгөн региондорунда, ошондой эле, АКШ университеттеринин студенттик аянтчаларында өткөрүлөт.


Биздин 2023 жыйынтыктоочу отчетубузду белгилеп, жыйынтыктоо маанилүүсү бул Бишкек шаардык кеңешинин төрагасынын атынан «Бир Дүйнө Кыргызстан» Укук Кыймылы Ак ниет эмгек жана кесипкөйлүк үчүн ыраазычылык кат менен сыйланды.

Фестивалдын жыйынтыктоочу видеосу:
https://www.youtube.com/watch?v=6LyP4piZ6WM





[1] https://www.facebook.com/elena.bayalinova/videos/752481903356567/

## Уюштуруу комитети




Толекан Исмаилова

«Бир Дүйнө-Кыргызстан» коомдук бирикмесинин директору



Накинай Айдакеева


Фестивалдын координатору



Лира Асылбек

Эксперт

## Уюштуруу комитети




Бухгалтер БДК




Меймандар боюнча координатор




Менеджер

## Уюштуруу комитети



Сахира Назарова

**PR адиси**



Адиль Турдукулов

**Модератор**



Булат Сатаркулов

**Медиа адиси**


## Уюштуруу комитети




**БДК Ош офисинин адвокаты**




**Адвокат**





**Ыктыячылардын координатору**

## Уюштуруу комитети



Асель Джураева

**Техникалык адис**



Дарья Удалова

**Графикалык дизайнер**


ДЕМОКРАТИЯ, ЭРКИНДИК
ЖАНА АДАМ УКУГУ ҮЧҮН БИРГЕБИЗ!

«Бир Дүйнө Кыргызстан» укук коргоо кыймылы фестиваль жигердүү жарандар үчүн саясий мейкиндикти кеңейтүү менен, Кыргыз Республикасында адилеттүүлүктү жана укук үстөмдүгүн бекемдеп, коомдо плюрализмди жана толеранттуулукту өнүктүрүүгө зор салым кошуп жатат деген терең ишенимде.

«Бир Дүйнө Кыргызстан» фестивалынын уюштуруу комитети жалпыңыздарды 2024-жылы өтүүчү адам укуктары боюнча даректүү тасмалардын XVIII эл аралык фестивалына катышууга, өнөктөштүккө жана кызматташууга чакырат!

Фестивалдын маалыматтары менен сиз *www.birduino.kg сайтынан тааныша аласыз.*

Суроолор болсо: *birduinokyrgyzstan@gmail.com* электрондук дареги боюнча кайрылыңздар.

«Бир Дүйнө-Кыргызстан» укуктук кыймылы коомдук бирикмеси - Бишкек

**Бишкек ш., Сыдыкова 258 көчөсү, Тимирязева көчөсүн кесип өтөт**
**+996 (551) 961-861**
**birduinokyrgyzstan@gmail.com**
**www.birduino.kg**

